Бактыгүл Машаева

# УЛУУЛАРЫМ УЛУГУМ



С кырг
М 38

Бактыгүл Машаева

# УЛУУЛАРЫМ УЛУГУМ

*Ырлар жыйнагы*



Токтогул Сатылганов
атындагы
Ош облустук китепкана
ИНВ № 488456

Бишкек – 2023

АБОНЕМЕНТ

УДК 821.51-1
ББК 84 (5Кир)-5
М 38

М 38 **Машаева Б.**
**Улууларым улугум.** *Ырлар.* – Б.: «MirAs print», 2023. – 188 б.

ISBN 978-9967-9479-8-6

Автордун алгачкы китебинде Мекенине, эли-журтуна болгон сүйүүсү менен биргеликте сыймыктануу, суктануу, даңазалоо ырларына көп көңүл бурган. Ошондой эле, ата-эне, бир туугандык баалуулуктарга, арзуу ырларына басым жасап кеткен.

Китеп баардык окурмандарга арналат.

УДК 821.51-1
ББК 84 (5Кир)-5

ISBN 978-9967-9479-8-6

© Машаева Б., 2023.



## АВТОР ТУУРАЛУУ

Бактыгүл Машаеваны «Улууларым улугум» аттуу алгачкы жеке китебинин чыгышы менен куттуктаймын. Аял, эне катары үй-бүлөлүк абал менен биргеликте, коомдогу жат көрүнүш, жакшы сапаттарды, энелик, бир туугандык сезимди, махабатты, акыл-насаат санатты ырларына камтып, чыгармачылыкка кеч аралашса да айтайын деген оюн так даана жеткирип, жан дүйнөсүндөгү көрөңгөнү элге тартуулоого мыкты аракеттенген. Кыргыздын чыгаан кызы катары патриоттук ырлары кимге болсо да дух берип, кээ бир көйгөйлүү маселени чагылдырган саптары адамды ойго салат.

*Биз жашайбыз улууларга түзөлүп,*
*Демек алар устат турат түбөлүк.*

Жогорудагы «Улууларга улугум» аттуу ырында камтылган не деген терендете айтылган ой салмагы жатат.

*Тегиз эмес оош-кыйыш жолдор көп,*
*Жүрү керек сөз тийгизбей түзөлүп.*

Автор оюнда ата-бабаларыбызга сөз тийгизбестен, тоскоолдуктарга туруштук берүү менен улуттук намысыбызды бекем кармоо милдетибиз жана улууларыбыз баскан из менен жүрүү алга сүрөөрүн белгилеп кеткен.

*Кыргызсыңбы, кыргыздыгың аныкта,*
*Өз элиңди көтөрүүдөн талыкпа.*
*Бирибизге жардам колун узатып,*
*Биргеликте өнүгөбүз жарышта.*

Өзүбүздүн атуулдук парызды аткаруу – эли-жерди өнүктүрүү үчүн мамлекетибизге салым кошуу ар бирибиздин атуулдук милдетибиз экенин айтуу менен ынтымакка чакырып кеткен.

Ушул заманда кол куушуруп тим жатпай кыргыз адабиятына аз да болсо салым кошуп, мекенчилдигин көргөзүп элди - жерди сүйүүгө үндөгөн мыкты чыгармаларды жаратуунун өзү эрдик. Бактыгүл көптү үмүттөндүргөн кыз. Алгачкы чыккан «Улууларым улугум» китеби ата-бабаларыбыз айткандай «төл башы» китеби ак жолтой болуп, артынан дагы мыкты чыгармаларды камтыган китептери чыга беришине тилектешмин. Чыгармачылыкка кеч келгенине карабай омоктуу ойлорду камтыган ырларды жазып, бир топ окурмандардын колдоосуна ээ болду, албетте бул ийгилик да.

Сөзүмдүн аягында Бактыгүлгө каалары, поэзия сапары байсалдуу болуп, каleminен мындан ары да мыкты чыгармаларды жаратып, кыргыздын чыгаан кыздарын толуктай бер демекчимин.

Ак жол сага калемгер.

***Кундузбү Маматова***
*Кыргыз Улуттук Жазуучулар Союзунун мүчөсү*





# Мекеним алтын бешигим, Ата-энем ырыс кешигим



## УЛУУЛАРЫМ УЛУГУМ

Биз жашайбыз улууларга түзөлүп,
Демек алар устат тура түбөлүк.
Тегиз эмес, оош-кыйыш жолдор көп,
Жүрүү керек сөз тийгизбей түзөлүп.

Биздин дагы ата-энебиз түпкүсү,
Перзентибиз жүзүбүздүн күзгүсү.
Деп уланат укум-тукум тереңдеп,
Эзелтеден териштирген «тегиң» деп.

Акыл сөзү, насааттары жүйөөлүү,
Баары сабак, жүрөктөргө түйөлү.
Тагдыр жолдун татаалдары оолак бол,
Келечекке коё көрбө күрөөнү.

Касиеттүү өткөндөрүм таасирди,
Беришиптир, жасап келем таазимди.
Жаңылышпайм силер баскан из менен,
Жол уласам багынтамын такты мен.

Улууларым- унутулбас улугум,
Өнө берем аткара алсам усулун.
Тилегеним урпагымдын урпагы,
Үлгү алып, жети атага бурулсун.





## УЛУУЛАР ТҮЗГӨН УСТАВ

Маданият болгон тура улуулар да,
Эми чыгып үйрөтөбүз жаңыларча.
Илгери эле түзүлгөн «уставдары»,
Түшүнүктүү болуу үчүн азыркыча.

Насааттата сөздөрү жумшак чыгып,
Жагымдуу эле үндөрү сызылынтып.
Билбегенмин мүнөздөрүн таптагыдай,
Айыл эли бир атанын балдарындай.

Элпек элек жумшаганда аткарган,
Каяша жок, чыкчу эмеспиз капталдан.
Бир-биринин көңүлдөрүн оорутуу,
Орой сүйлөп, ооруксунтуп сын айткан.

Кириш-чыгыш, мамиленин тактыгы,
Ачык турчу ойлонттурбайт сактыгы.
Мал-мүлкүнө, байлыгына көз артуу,
Эч болбогон көмөчүнө күл тартуу.

Жөнөкөйлүк кут-береке чакырчу,
Ушул сапат бардыгынан улугу.
Атыңардан айлананын улуулар,
Силерсиңер, тумар кылчу тунугу.

## АПАМ ҮЧҮН ДААНА СӨЗДҮ ЖАЗА АЛАМБЫ

*(Өмүр бийик өкүмүңдү чыгаргын!*
*«Адам өтсүн карылыгы билинип».)*

Мен ыр жазам калем кармап колума,
Оюм менен көз чаптырам ааламга.
«Даана» сөздү таба албай, чочулайм,
Алсызмын, жазбай келем бир адамга.

Жөнөтөмүн белсенип ой- чабарман,
Жолдон кайтты далай жолу даай албай.
Жазып жатам азыр мен күмөндүүдөй,
Асылдыгын тактаар бекен саптарым ай.

Атам кеткен чын дүйнөгө кырк тогузда,
Асылып алып тынды оорусу да.
Апам менен араң эле коштошкондур,
Санаа тартып балдарынын тогузуна.

Кантип айтам? мээнетиңиз жеткире,
Бүлүк түштү, удургуган сезимге.
Аталуудан артык кылып өстүргөн,
Кара чачың агарган го түйшүктөн.

Баарыбызды «билим ал» деп окутту,
Турмуш жолго тындыргансыз туруктуу.
Түтүн булап, үйдү салып төрт уулга,
Акылманым болгон экен кайраттуу.





Салабаттуу жан элеңиз нарк сактаган,
Сабыр менен жети өлчөп тактаган.
Тууган тургай жаттын көөнүн сураган,
Тегизим ай, баарын бирдей караган.

Азыр өзүм болсом дагы, неберреге чоң эне,
Эркелегим келет менин, баягыдай дагы эле.
Чыкпайт элем бар болсоңуз мойнуңузга асылып,
Иси турат, унутулбайт, сиздин жыпар жыт дале.

Канча жолу тил албастан дилиңизди ооруттук,
Канча жолу түнү ыйлап уйкуңуздан чоочуттук.
Алтын апам мээнетиңиз актай алсак бир түндүк,
Ата-энелик парзыбыздан баркыңызды түшүндүк.

Өтө берет жашоо, турмуш уланып,
Эстегенде көз -жаш төгүп муңайып.
Апакем ай, ошончо жүк аркалап...
Жетилттиңиз, бооруңузга калкалап.

Жыл айланып тун уулуңуз Икрамжан,
Кете берди эр ортону элүүдө.
Бардык жактан болгон, толгон убакта,
Уул ичинде кенже иним Азимжан,
Кырктын кыры сапар тартты кырсыктан.

Ажал улук, улук болбой куруп кал,
Апам байкуш тирүү болсо кантмек Ал...
Ата-энеге бала ыссыгын салбасын,
Фирдаус төр, бейиш болсун жатканыңар.

Уул-кыздарбы, небереби, чебере,
Куран окуп, эстей жүрүү парыз эле.
Келет, кетет ушундай бир кем дүйнө,
Баары тирүү чогуу жүргөн кечээ эле.

Ай арман ай, оорду толгус жоготуу,
Көз алдында жакындарың соолушу.
Жүрөк канайт, бырчаланып тилинип,
Өмүр бийик өкүмүңдү чыгаргын!
«Адам өтсүн карылыгы билинип».







***Чоң энемден чоң сыр***

## АЯЛДАРДЫН ТУЙГУНУ ЭЛЕ ЧОҢ ЭНЕМ

Аппак Марал мени баккан чоң энем,
Байбиче эле эл ичинде «мен» деген.
Көргөндөр да ыйбаа менен сый кылчу,
Кыраат менен насаат айтып кептеген.

Аялдардын туйгуну эле белденген,
Ак маралдай басыгы бар керилген .
Аксакалдуу карыяны көргөндө,
Көкүрөккө колду алып ийменген.

Нарктуулугу, салттуулугу билинген,
Ар бир сөзүн уккан адам ирденген.
«Э Алла көрсөткөнгө шүгүр» – деп,
Түшүрбөстөн дайым келме келтирген.

Токтоп айтчу көрүшкөндөр саламын,
Учурашып, сурашышып аманын.
Даам сызбастан бир да адам өтпөгөн,
Босогодон аттабастан кадамын.

Жолуккандар күчтүү кылчу истала,
Келин-кезек ондонушчу кымтыла.
Турпаты эле өзүнчө бир икая,
Түбү манап, ак сөөк болгон айтымда.

Торойчудан Султанбек ата ысымы,
Таздар уруу-таржымалдуу бир кызы.

Бөлүп жазсам, анда туура болчудай,
Бул ырымда бүтпөөчүдөй бүт сыры.

Чоң энемдин тегин жазсам чоң тарых,
Бай-манапты куугун кылган качырып.
Куржундаган алтындары көмүлүп,
Издөөгө да ал келбеген чабылып.

Өткөрүпмүн, жазып калбай баалууну,
Тактоо кылып сурамжылап калууну.
Энем өзү сөзгө чебер жан эле,
Барктабапмын, аттиң... сабак алууну.

Суроо бергем анда ошондой тарбия,
Бай-манапты жамандашчуу жарыя.
«Эне, эне кедейлерди эзген дейт,
Атаңыздын ал кылганы жаман да? «

Чоң энемдин берген жообун уккула,
Акылыма жетчү эмес тундура.
«Кедей деген жалкоо болчу- жатакчы,
Атала ичип алачыкта көп жатчу» .

Анда жашмын, ынабаймын энеме,
Окуучусу союздун, элес албайм кебине.
Туура экен, азыр алсам негизде,
«Жатакчы» көп моюн бербес ишине.

Ишти кылсаң, тиштегени анык сөз,
Чоң энемдер болгон экен көрөгөч.
Насаат тура ар бир айткан сөздөрү,
Болуп турат, жолуктурам болот төп.





Төрө пейил, кадыр билген чоң энем,
Таанығандар дале айтат билгенден.
Ак жоолугун салынгандын хайдасын,
Көрбөгөнмүн чоң энемдин башкасын.

Чачка чачпак тагынуучу күмүштөн,
Аппак көйнөк жакалары бүрдөлгөн.
Кемсел эмес, калтача дейт узундан,
Кара манат, күмүш топчу бүрмөдөн.

Ат жабдыгы ал да болчу күмүштөн.
Сепке кошуп атакеден жүктөлгөн.
Төркүн жагын улутунуп эскерчү,
Эстегенде ойлуу тиктеп үшкүргөн.

Башка кийген такыясы токулган,
Эки жакта кымбат таштар чокулган.
Кыз кезинде берген экен апасы,
Сандыгына түбү бекитилип коюлган.

Кыздарына асыл буюм тартуудан,
Колунда бар белек кылган барктуудан.
Эсимде ал, азыр көрөм музейден,
Күмүш оймо түрдүү көлөм топчудан.

Кийин баарын өз кызына берди окшойт,
Анда жашмын жазбаптырмын мен топтоп.
Чоң энемдин сөздөрүндөй сөз укпайм,
Куюлтуруп, макал айтчуу кеп коштоп.

Кыз көрүшүү, кошок ырдан алдына,
Чыккан эмес айыл эмес баарында.

Ар кыймылы, ар айтканы алтынга,
Тең келгенин жетбептирмин баркына.

Сексен бешке жете барып жашады,
Кетээринде баары угуп таң калды.
Жаткан жерин бычак алып колуна,
Тегеректеп сызды тегиз боюна.

Келме айтып үч күнгө деп суранды,
Жылчыгы жок, кирбеш үчүн корумдап.
Сураштырсам көбү андайды билбесин,
Күбөлөр бар, койгон өңдүү сыйкырлап.

Туура үч күн жатты күтүп төшөктө,
Бала-чака, небере келди көрмөккө.
Тынчыды окшойт көргөнүнө көңүлү,
Узап кетти чын дүйнөгө көчмөккө.

Ага чейин өзү көрүп даярдык,
Кези келди кылгыла деп аярдык.
Келүүчүдөн төркүндөрүн, башканын,
Күткүлө деп кылбагыла сараңдык.

Мына ушундай айтаар болсом баяны,
Тамыр жайып, кете берди аягы.
Чоң энемдин баскан жолу чоң китеп,
Жаш болгонмун, баам салбаган канчасы.

Башы болгон чоң тарыхтын булагы,
Санжыралап айтчу экен сырларды.
Колдо алтындын баркын билбей калыпмын,
Түп тай жагым ашкан нечен кырларды.





***Чоң энемден чоң тарбия***

## ООДАРЫПТЫР ООМАТТЫ АРДАКТУУ АБЖЕМ АПТАПКА

Оомат оогон чоң энемден кызына,
Аян берип, оодарттырып түшү да.
Карматыптыр ак боз аттын чылбырын,
Ишенимдүү, бекемдетип колуна.

Түшү түрдүү, түш келиптир оңуна,
Жөн адамдын келе бербейт оюна.
Дөөлөт дагы тандап жүрүп конот дейт,
Касиетин тута алса жолуна.

Эжекемдин этек-жеңи жайылган,
Баатыр Эне он бир бала таба алган.
Канат-бутак небереден – кырк бешти,
Сүйөөрүнө чебереден - отуз беш.

Бак-дөөлөттү Жаратканым ыйгарды,
Үйү толо, бакты бирден санаарбы.
Чеберенин алакандан суу ичип,
Бата тийип, небере келин карманды.

Апасындай сарамжалдуу, баркы бар,
Төрдө оорду, сый көрүүчү такты ал.
Насаат ала келин-кыздар үйрөнүп,
Үлгү алган аял аттуу түздөнүп.

Басса жолу, сүйлөгөндө сөзү улуу,
Теңдештиргис чеберчилик, уздугу.

Жасалганы келиштирет боз үйдүн,
Үстү-асты, үзүк, туурдук жабууну.

Ак кийизден оймо оюп чийдирген,
Көп шырдактын коздугун келтирген.
Жайда жайлоо, кымыз бышып чаначта,
Алты канат үйгө мейман киргизген.

Тери ашатып тигип калтар жакалуу,
Аппак тонду алп жездеме кийгизген.
Эл ичинде күлүк тулпар алкынтып,
Башта суусар-аброюн билгизген.

Тарбиялап мырзаларды катардан,
Кыз узатты оорундук таап тактыдан.
Эр сыйлаган эжемдей жар болбостур,
Жолун тосуп, күтүнө алган сапардан.

Чоң энемдей парбаа тутуп эрине,
Жездем палбан утуп жүрчү эңиште.
Билим берип, машыктырып спортко,
Эргүүдө да эмгектенген бир топко.

Ак ордосу- багы толо чоң эшик,
Бутактары көккө тиреп керилип.
Тамырлары терең өсүп чартактап,
Мөмө бышып, шагы жерге ийилип.

Синди өсөт тартып карай эжеге,
Баары келип байланышат энеге.
Чоң энемдин баскан жолу таберик,
Тартсам жетем, бийиктеги сереге.





## ДАРЫ БОЛГОН ДАК СУУ МЕНЕН ТОПУРАК

Жерге түшсө көзгө сүртүп ушагын,
Же болбосо үч жолу үйлөп турпагын.
Жерден алып адал болот эми деп,
Оозго салып жеп койчубуз акырын.

Ал кездеги топурак да дары эле,
Акыл айткан айылымда кары эле.
Канап турган денедеги жарага,
Сээп койсоң айгышкан бат эле.

Көз ооруну үч үйлөсө энелер,
Кызарганы кетип калчу тез эле.
Наристенин чыргоолосо негедир,
«Ырым» болчу себептери ал деле.

Дарыгерди чакырам деп коркутса,
Сакайчубуз атын эле укканда.
Өзүбүздү кесел кылып өзүбүз,
Ооруларды эркелетип койдук да.

Пейилдерде болгон экен тазалык,
Анда такыр жолобоптур ич тарлык.
Шайыр эле адамдардын мүнөзү,
Кеч өтүүчү убакыт да күндөгү.

Мына ушундай таза болгон аура,
Энергия өзү келген жаныңа.

Токтогул Сатылганов атындагы Ош облустук китепкана
ИНВ № 488456

Оору-сыркоо болмок тургай жок болгон,
Ачкөз болуп пейилдерден таптык да.

Ооруларда ысык, суук түр болгон,
Дарылыкка дары чөптөн колдонгон.
Баш ооруга азыркынын басымы,
«Миң тамырды» таңып койсо жок болгон.

Түзөп кетчү «ала чагыр» суу болгон,
Демди салган жөн суу дагы ондогон.
Бир айылда бирөө гана болуучу,
Анчалары, шыпаа тапкан молдодон.

Анда аппарат, аныктама каяктан,
Күчтүү болгон сакайышкан табыптан.
Колдун учу өткүр рентген болгонбу,
Бардык оору билинүүчү тамырдан.

Кырк күнгө деп дактап сууга салганын,
Катуу оорулуу айтып сактап калганын.
Азыркыдай дарыкана болбогон,
Ишеним да күчтүү болгон, ошондон.

Кайдан болсун оорукана сыныкка,
Таңып койгон сынган жерин шак-шакка.
Чыгып кетсе заматта эле салуучу,
Бир чыңырат, анан болду таптаза.





## ӨЗГӨРТПӨЙМҮН КАЙРЫЛСАМ

Мүмкүнчүлүк болгон болсо жылуу артка,
Жылым эмес, күнүм, саатым билем жатка.
Мүрөк суунун тамчысындай ичиндеги,
Ата-энемден жылбайт элем эч алыска.

Көз алдымда өткөн менин мезгилим,
Билем баарын, сүңгүмөкмүн тереңин.
Чогуу бойдон балалыкта жүрмөкпүз,
Ала-Тоодой бир тууганым тирегим.

Баарынан да баёлуктун мекени,
Чоң атамдын үйүн көздөй бармакмын.
Чоң энемдин колдорунан жетелеп,
Мээримине бир өмүрлүк канмакмын.

Турмуш жолум улант десе башынан,
Тагдырымды сурамакмын кайрадан.
Уул-кызымдын балалыгын билдирбей,
Узартмакмын узун кармап сабынан.



## Т.КАЗАКОВДУН «БҮРКҮТ» ЫРЫНА ТААСИРЛЕНҮҮ

Бүркүттөргө, бүркүтбүз деп, - кайрылып,
Намысынан найза бурап сайынып.
Кыргыздарым баатыр жолун туталы,
Жанар тоодой жалын чачып, жарылып.

Улутумдун уландары буйдалып,
Жүздөрүнүн нуру өчпөсүн кумсарып.
Тээ алдыга көзү жеткен көрөгөч,
Билгичтиктен калбайлычы жүз айрып.

Сая түшүп сайылып жаа жебедей,
Окшурулуп атылган ок мелжегендей.
Курчтуктары сүрдөнтүп душмандарды,
Тайманбай жарып өткөн кылыч мздей.

Кылымдарды теминип камчыланып,
Дүңгүрөтүп дүбүрт келет чапкыланып .
Байыркыдан жол улап азыркыга,
Келген элбиз калбайлы кайчыланып.

Эзелкиге тең келбей майдаланып,
Жан дүйнөбүз калгандай жардыланып.
Күчтүүлөр, күчтүүлүктөн тайбайлычы,
Бек бололу арды кармап, намыс артып.

Бийлик, байлык, арбап алды алсыратып,
Чачырадык ар тараптан эл чаржайыт.





Намыска бек «биз» деген, - азаматка,
Элдүүлүк баратабыз үмүт артып.

Бүркүттөрүм учушсун бийиктикке,
Баатырлардай турушсун кепилдикке.
Кыргызымдын кыйындары бир тутумдай,
Биригишип, баш көтөрсүн «жеңемдикке».



*Чоң энемден чоң сабак.*

## ХОР АЙТЧУБУЗ КЕЛМЕНИ

Сын-сыпаттан карыса да кемибеген,
Жүрчү эле түптүз басып келиндердей.
Акыркы жыл таяк менен жүргөндө да,
Бели тике, бүкчүйүп эңилбеген.

Пакиза, аппак көйнөк, ак жоолугу,
Апасын тарткан чыгар эң ободу.
Балдарын өзгөчө эле чакырганы,
Ысымдарын кыраат менен атаганы.

Ар уулунун балдарын баккан эле,
Жыпар жыты келгендей искейм дале.
Сейданалуу кичине баштыкчаны,
Билиндирбей тагып жүрчү кемселине.

Майрам эле жүрүүчүбүз бир тобубуз,
Кетпестен энемкинде чогулчуубуз.
Түнү жатып уктаар алды токтобостон,
Адатыбыз келме айтмай, бирдей ооздон.

«Жаттым тынч, жаздыгым кенч,
Дилим куран, тилегеним ыйман.
Турсам, турбасам лаайлаха иллалоохy,
Махамаданна сууруллоох.»

Ушул келме, ушундайча айтуучубуз,
Узунунан жерге төшөк салуучубуз.





Тарбия күчтүү эле ызылдабай,
Бир үй толо катарынан жатуучубуз.

Үнү мукам, жомок айтчу жагымдуу,
Дем чыгарбай элестетип укчубуз.
Ата-энебиз айтканына көнбөстөн,
Чоң атамдын үйүн көздөй шашчубуз.

Чоң энемдин жасап берген тамагы,
Түрдүү эле, сары майы, каймагы.
Нан бетинде себилгени сейдана,
Буркураган жыты укмуш, жумшагы.

Неберелер боло алдыкпы энемдей,
Билем анык калганымды теңелбей.
Жазган ырым сабак болсун кыздарга,
Тартса болду, менден күчтүү чыгаарга.



## ЫСЫРАПТЫН ЖАЙЫ ЖАХАННАМ

Ачарчылык болгон экен илгери,
Чоӊ атамдын тез-тез айтчу бул кеби.
Кесек тиштеп өлгөн экен адамдар,
Жата калып акыркы сөз жан үрөп,
«Кесек эмес, нан болсо» деп мөгдүрөп.

Ошолордун баарын баштан өткөргөн,
Кыйынчылык турмуш жолун көп көргөн,
Зарылдарын карап туруп бөлдүргөн.
Ашыкчасын албагыла» керек» деп,
Алган жерден кайра артына төктүргөн.

«Ашказанды керип эмне зарылбы,
Салмак артып, көбөйттүрөт майыңды».
Бөксө кесе тамак иччүү, көп эмес,
«Пайдасы жок, коюлттурат каныӊды,
Көп жегениӊ ооруттурат карыңды».

Ысырапты көрүп калса жинденчүү,
Сарамжалдуу болгула деп сүйлөнчүү.
Нан ушагын- тердиртирип күкүмдү,
Тебелетпей жемге кошуп төктүрчүү,
Мына ушундай данга көңүл бөлүүчү.

«Ысыраптын жайы жаханнам,
Кар кылбай этияттап карман».
Акыл сөзү эсимде али,
«Аз ичсеӊ халал, көптүгү залал»,
А мен азыр балдарга айтам.





## ӨЗГӨЧӨ ЭЛЕ ЧОҢ ЭНЕМДИН ТАМАГЫ

*(Иммунитет көтөрүүчү, ичегини кеңейтүүчү тамактар)*

Ойлонуп келип турам бул чечимге,
Кайра кайтуу керек деген таризде.
Түштү мага тээ илгерки мезгилде,
Чоң энемдин айткан сөзү эсиме.

Эрте менен биз сабакка бараарда,
Бышып турчу атала -тамак казанда.
Жарма атала ширин болчу андагы,
Жөн атала-ун куурулган «сары» майга.

«Сары чай» деп ичирбөөгө тырышчу,
Биздин көздөр өтчү канттуу чайлардан.
«Ичегиңер кеңейет» деп көп айтчу,
Танчу элек айран, сүт катыктардан.

Энем жапкан нандын ошондо жумшагы,
Эзген курут дале эсимде чыныдагы.
Нанды туурап жедирүүчү астейдил,
Калкып турчу анда дагы сары майы.

Зээрикпестен түрлөнтүп бышыруучу,
Даамы өзгөчө жасаган «умач ашы».
Мага үйрөткөн жайдырып камырларды,
Ооздон кетпейт жасаган «жупкалары».

Дастаркондо дайым турчу май-каймак,
Уютулган айран болчу жаңылап.
Көз алдымда бутактагы илинген,
Курут болоор, айран куйган-сүзмө кап.

Кымыз берчү салып ысык куймакты,
Ичкен элем уютулган жууратты.
Тегерете отурчубуз нан кармап,
Сүттү тартса, күтүп чыкчу каймакты.

Тоголоктоп карматуучу колубузга,
Жегиле деп ысык нандан «мыкчыма».
Оору билбей тоготпостон жүрчүбүз,
Чуркап ойноп, чыгыптырбыз тыңчыкма.

Көңдү калап, очокко асып казанды,
Жеңелерге бышыртуучу жарманы.
Башталганда ысыктагы чөп чабык,
Суусундукка куюп берчү сүзмө катык.

Чоң энемдин айылдагы ошондо,
Кел-кетими көп болуучу короодо.
«Даам таткын» деп киргизүүчү ичкери,
Биздей эмес, анда адамдар башкача,
Пейилдердин үлгү алчуу кеңдиги.

Эми ынандым айткандагы кебине,
Эне болгон ушул менин кезимде.
Оорубапбыз «ичегилер кеңейип»,
Жакчу тура ошол тамак денеге.

Түрдүү салат, тамак-аштар тойдогу,
Ойдо жок бир ооруларды козгоду.





Газдуу суулар, жөнөкөйү сатууда,
Баары зыян тамырдагы кандарга,
Кошулмалуу жайнаган кооз таттуу да.

Витаминдин баары биздин айылда,
Баалап-барктап жедирели балдарга.
Баасы бийик, жетпейт тура баарынын,
Чоң энелер жасап берген даамдарга.

## КУТТУК АЙТАМ НУРЗИЯМА

Алтын кызым
Туулган күнүң кут болсун!
Ачык мүнөз -маанайыңа нур толсун.
Каалаганым узун-өмүр, ден соолук.
Кадамыңды ийгиликтер коштосун.

Аппак кызым, үй-бүлөмдүн эркеси.
Аруу тилек орундалсын сендеги.
Атасынын мээримине бөлөнгөн.
Ага-эженин эркелеткен тентеги.

Жаным кызым -жүрөгүмдүн бөлүгү.
Капаланбай көтөрүп жүр көңүлдү.
Жакшы-жаман адамдар бар ар түрдүү,
Жакшы досту, танда жакшы түгөйдү.

Тыкан кызым, камкор жана күйүмдүү.
Эне үчүн – бала экен эң сүйүктүү.
Кудайым Сага берсин Эне бактын,
Келечекте барган жерден бакыт тапкын.

## ЖАНЫМ КЫЗЫМ МЫРЗАЙЫМЫМ

Данегим, ширинимсиң - Мырзайымым,
Асмандагы жылдызым, күнүм, айым.
Бөлүнүп боор этимен жаралгансың,
Сыймыгым жароокерим – менин жаным.

Окудуң, ишке турдуң, бүлөө күттүң,
Баш кошуп тапканына жүрөгүңдүн.
Чүрпөлөрүң жол уласын өзүңөрдүн
Ишенем келечегиң түптөөрүңдүн.

Күйөө бала эркеси түптүү үйдүн,
Бак болсун, шак көбөйүп бүчүрүңүн.
Уулдарың элдин жүгүн аркаласын,
Мырза аталып, Эл уулу деп бата алсын.

Көтөрүлсүн бийик болуп зоболоңор,
Оомат ташы өйдө карай тоголоноор.
Үйүңөрдү кетпес дөөлөт байырласын,
Ынтымакка ырыскылар шерик болоор.





## АТА-ЭНЕҢДЕЙ БАТА БЕРГИН БАЛАҢА

Айта аламын сүйүүлөрдүн султаны,
Аздек менен барктоо, аяр курамы.
Чүрпөлөрдөн жакын жоктур өзүмө,
Жаралгансың боор этимен бөлүнө.

Күлсө күлүп, кабак түйсө кайгырган,
Бала үчүн баарын тилейм Кудайдан.
Күн тийсинчи нурун чачып жадырап,
Бүркөө асман мага төксүн жамгырлап.

Кам көрөмүн ачпасын деп курсагы,
Муздак ичип оорубасын тамагы.
Мүдүрүлбөй тегиз жерде жүрсө экен,
Таштуу жерде тилинбесин таманы.

Түрдүүлөр бар, адамдарды ылгай бил,
Сактасынчы жаман көздөн, тийбей тил.
Оо Жараткан кучагыңда асыра,
Ырахаттуу жашоо кечсин жайнап дил.

Уулум, кызым бата берип сураарым,
Өсүп-өнгүн кийин урпак улаарым.
Тилегеним биздей болуп ылайым,
Балдарыңа бата тилеп тураарым.

*Кара -Кулжа р/ну*
*Сары-Камыш а/лы.*

## КЕҢЕШБЕГИМ АТА УУЛ БОЛ ЖОЛ УЛАГАН

Чоң атаңдын баскан изин баштасаң,
Эмгектенип эч убакта талбаган.
Мартаба ашып, калктан таап кадырды.
Кызматтары сыйлык менен бааланган.
Уул-кыздарын тарбиялап татыктуу,
Тааныгандар суктанышып үлгү алган.

Өз тайларың, тагаларың түптөрү,
Билимдүүлөр, иш билгилер көптөрү.
Баардыгынын эл ичинде орду бар,
Түбү терең, айтылат ак сөөктөрү.

Баскан жолдор адаштырбайт кенедей,
Шыдыр болсун жолдоруң уулум пейлиңдей.
Билимдүүсүң алга карай умтулган,
Бирөөлөргө жаман ой жок кенедей.

Ак сакал бол, эл ичинде кадырман,
Узун өмүр каалаганым мен салам.
Очор-бачар неберелер көп болсун,
Ата-тайдай кызыр өзү даарыган.
Жолду ула, аталарың баскан жол,
Жаратканым болсун сага өзү жар.





## АПАКЕМДИН БЕШ МОНЧОГУ

Апакемдин седептелген беш мончогу,
Коздугуна тойбостур көздүн жоосу.
Бакыт менен тилеп узун өмүрдү,
Тасипеттеп тизгендирсиз ободу.

Беш кызын атачу эле беш мончогум,
Кичинемде уккан сөзүм мен жоктодум.
Апакебиз сүйүнгөндөн айткан экен,
Жүрөгүнө жакындатып илди бекен.

Алтын апам, жаным апам, асылым,
Жаш кездерде билбептирбиз кадырын.
Бизден канча кемчиликтер кетсе да,
Оор көрбөстөн жайкачуусуз бардыгын.

Бала кезде чоңойгонбуз чоң бүлөөдө,
Мээнет кылып баккандырсыз бизге күйө.
Сизди аядым, ар бир кылган эмгегиңиз,
Төгүлгөн мээримиңиз эстейм күндө.

Мончогуңуз аталган беш дааналуу,
Маржандарды тагып алган жарашыктуу.
Кези келсе кыздарыбыз акак тизип,
Айтышаар арнап сөзүн эң сыймыктуу.

## КАДЫР ТАПСАК КАРЫЛЫКТАН

Сезимдерин ой-толгоосун таптадым.
Жүрөктөн чыгып менин ыр саптарым.
Арнагым келип турат - Жолдошума,
Бак-дестесин тартуулаган колдорума.

Мен жылмайсам сүйүнчүмө кубанаарым.
Капа тартсам көңүлүмдү жубатаарым.
Колдоп мени ар тараптан аяп тураар,
Өзүң болдуң бир өмүргө таянаарым.

Ата камкор болуу бизде-эзел салттан.
Кышында да жашообузду жазга айланткан.
Тиреөчүсү түндүгүмдүн бекем болуп,
Ордобузга кут-береке келсин жуптан.

Уул-кызыбыз биз жетилткен кош канаттан.
Ата-энеге тоодой бакыт тартуу кылган.
Эркелетип небере, чеберени,
Узак жашап, кадыр тапсак карылыктан.







## УЛУУ ЭЛ

Бекерден айтылбаган илгертеден,
Сары-Камыш айылымды Улуу эл деп.
Кадырман нарктуу-салттуу ата-бабам,
Бул наамды алса керек ак эмгектен.

Төрт үлүк мал багууга жайыты кең,
«Тар дарыя» агып турат кылым делген.
Дүнүйөнүн эң чоң шаарын теңебеймин,
Атыңдан кагылайын кичи Мекен.

Таң атса, биздин тоодон күн чыккансыйт,
Кеч кирсе биздин тоодон күн баткансыйт.
Айылым көрүнөт го бейиш төрдөй,
Туулган жер балдарына көрөңгөдөй.

Туу туткан улуулардын жолун карап,
Тарыхын биле жүрсөк узун санат.
Учун улап, өсүп жаткан муундан-муунга,
Урпактарга болсо керек улуу сабак.



## АЛИ ЭСИМДЕ ЧОҢ ЭНЕМ «СОБОП» АЙТКАНЫ

Журтубуздун уюткусу айылда,
Айылымдын табияты аруу да.
Алыстасаң бир бөлүгүң калгандай,
Эстен кетпейт, сагындырган куса да.

Ар бир көчө дарактары эсимде,
Отурчуубуз чоң дөңгөчкө кечинде.
Башталыптыр ошондо эле сүйүүбүз,
Удургуган ойлор толуп сезимге.

Арыктагы шылдыр аккан тунук суу,
Жол чаңытып машиналар өтөт зуу.
Баарынан да көз алдыма элестейт,
Казандагы сүт бышканда чыккан буу.

Эрте менен малды кошуп бадага,
Чыкчу элек чыбык кармап шашыла.
Кечке маал кайтаруудан келээрде,
Жөнөчүбүз чогулгандай майрамга.

Кабат эмес анда үйлөр кичине,
Толоо элек бир туугандар ичинде.
Тегерете отурчубуз тамакка,
Уктоочубуз бир көрпөдө тизиле.

Баруучубуз саат тогузга мектепке,
Папка толо китеп менен дептерге.





Кыздарыбыз ак фартукчан, ак бантик,
Балдарыбыз дайым келчүү кечиге.

Сагыныпмын жаткан кара таштарды,
Бутка урунган, чыксак көчө басканы.
Жети ташты четке сүрүп чыгарчу,
Эсте дайым, Чоң энем «собоп» айтканы.

## ЖЭЭНИМ МИТАЛИПКЕ КЕҢЕШ

Ушундайча түбү түптүү келишкен,
Жаратканым чек койбоптур бериштен.
Эне тарап жээндер үчүн маанилүү,
Балдарына генден өтөт териштен.

Жазып жатам сабак болсун силерге,
Бала-чака кадырына жеткенге.
Баскан жолу чоң таэнеңдин чоң сабак,
Чоң энеңде окшоштук бар билгенге.

Кыргыз тарых эпкини бар буларда,
Азыр сезбей, кийин аттиң кылаарга.
Келин бала үлгү алсын байлык бар,
Баалай билсин сөздөр толо накылга.

Оомат да бар, дөөлөттөрү келишкен,
Касиетин аракет кыл билиштен.
Тай жагыңар жолунда бар даарыган,
Чоң тайнеңдин түптөрүнөн кабылган.

## ЧОҢ ЭНЕ ЖАНА КҮЗ

Чоң эне көз чартырып теребелге,
Отурат эс алуучу бак ичинде.
Бирде сүйүп күз мезгилин бааласа,
Кээде эскерип, жүрөк өйүйт кайгырса.

Таанышканбыз ушул бакта бир учурда,
Анда жашпыз, шаңдуу эле башкача.
Убакытты болжосок да шашылып,
Эрте келип, мени күтчүү камынып.

Жалбырактан чогултуп, берген десте,
Кыпкызыл розадан барктуу эле.
Ошондогу ар бир күн, ар бир саатым,
Эч нерсеге алмашкыс таттуу эле.

Ойноочубуз дарактарга жашынып,
Калуучумун эркелетсең, таарынып.
Качуу элем, сен артымдан чуркасаң,
Алтын күздүн жалбырагын сапырып.

Нечен жылдар ушул жолдон өтүппүз,
Бир кемеде алга карай сүзүппүз.
Билген белең биротоло кетээриң,
Ошол күздү «кош» дегенсип жүрүппүз.

Азыр менин чебере көргөн убагым,
Сенсиз өзүм көрүп жүрөм убайын.
Коңур күз да келген бирок бош ордун,
Сездиргенсийт жетимсиреп турганын.





Дале түшөт жалбырактар дарактан,
Кайгыргансып айрылганга сабактан.
Жаш чырпыктар бакка айланып картайган,
Ал да мендей, сырын ичке камтынган.

## ЧОҢ АПАЛАР

Чоң апалар-абалардын зайыбы,
Боюн түзөп, сындуу эле калыбы.
Ар бир сөзүн акыл айта сүйлөгөн,
Баары эсимде бийик эле кадыры

Ак жоолугун ээктен ылдый байланган,
Көздөрүндө мээрим толо жайнаган.
Үйлөрүнөн мейман изи үзүлбөй,
Берекелүү, казанда ашы кайнаган.

Арабыздан кеткен азыр алар жок,
Перзенттери улап келет өмүр жол.
Уулдары баар табышкан эмгектен,
Неберелер мырза болгон келишкен.

Башкаларга таасирлери күч эле,
Кээ бирлери сукттанышчуу түз эле.
Үлгү эле, кылган иши орундуу,
Өмүр тилеп, бергендери дуба эле.

## ДӨӨЛӨТ КАЙРА БАЙЫРЛАСЫН ҮЙҮМДҮ

*(Оомат оосун Өмүрбекке)*

Үй эле эмес, унуттуңар бизди деп,
Ата-энебиз кыя көзүн салгандай.
Киши кирбей, бөлүнгөнсүп элинен,
Сүр көрсөтүп, көңүл чөгүп тургандай.

Кайтаргансып бекиткен кара кулпу,
Жашыргандай балалыкты катып турду.
Божурашып чоңоюшкан бир туугандар,
Түйшүк жолго таркалгандай туюлду.

Атакемдин колу тийген бактуу үйү,
Боз тарткансып муңайыңкы көрүндү.
Ата-энемдин изи калган уямдын,
Баары кымбат улагамбы, төрүмбү.

Туштап илген дубалдагы кийиздери,
Тебеленбейт жерде жаткан килемдери.
Апам тиккен бузулбаган жууркандар,
Урунулбай идиш-аяк тизимдери.

Мындан билдим өмүр кыска буюмча эмес,
Баары эсимде, колу тийген берет элес.
Жылмайып карап турат сүрөттөрү,
Өздөрү жок, жолго түшкөн кайра келбес.





Дүйнө түгөл, болбоптур эч санаабыз,
Каз тизилтип тамактантчуу апабыз.
Ошол күндүн ар бир сааты эсимде,
Билинтбептир болсо дагы катабыз.

Сагынабыз. Келбейт эми ал күндөр,
Өкүндүрүп бизди ойго сүңгүтөөр.
Эстегенде туз куйгандай ачышат,
Бул кусалык бизди далай жүдөтөөр.

Калем кармап жазгым келди ырымды,
Үйдү көрүп ичимдеги сырымды.
Эң бактылуу күн өтүптүр кайтаргыс,
Куттуу үйүмдөн баштаганмын барымды.

Мээр – береке кайра кайтсын үйүмө,
Мурдагыдай мейман толсун күнүгө.
Ата-энеме келген дөөлөт кайрылып,
Байырласын небереси- Өмүргө .
Эшик ачып, ээлик кылган үкөмө,
Тууган-урук бата бергин төрүндө.

## ЭНЕ АСТЫНДА ЖҮРҮШ КЫЛАМ БАСЫҢКЫ

Биз энебиз, болгон эле энебиз,
Эстегенде ич ачышат ченемсиз.
Жыпар жыты али эсимде энемдин,
Түбөлүктүү жүрүүчүдөй сезипбиз.

Ушул ырым бардыгынан алдыңкы,
Эне алдында жүрүш кылам басыңкы.
Касиетинден айланайын энелер,
Тирүүлүктө көтөрөлү баркынды.

Ак аралап күндүз кара чачтарын,
Ойлуу тиктеп, акырындап басканын.
Басса-турса бата тилеп балага,
Сездирбеген каруулуктан калганын.

Энелердин көңүлдөрү бош болот,
Сүйүнсө да, өкүнсө да жаш толот.
Аңдабайбыз мезгил менен жарышып,
Өмүр кыска, адам гүлдөй бат соолот.

Ыйласа да кубанычтан ыйласын,
Эч бир эне бала ачыгын тартпасын.
Эне күчтүү баарын ичке батырган,
Ар бир перзент ыйык жанды барктасын.





## ТҮП ТАЭНЕМДИН ТАРТСАМ ЭКЕН ЧЕКЕСИН

Айылымда алдыңкы эле аялдан,
Баары жакшы, мен ошондой санагам.
Жүрүм-турум, бой келбети, турпаты,
Тарттымбы деп мен күзгүдөн каранам.

Акылына билем менин жетпешим,
Эми кечтир сезип турам кирбешин.
Ошентсе да небереси энемдин.
Тартпапсың деп уксам мейли тилдешин.

Түпкү таэнем болгон тура аттуудан,
Элестетем тарбиялуу баштуудан.
Ошолордун тартсам дагы кыпынын,
Мен өстүрөм чынар кылып чырпыгым.

Керек эмес мансап менен байлыгы,
Дүр дүнүйө алтын толо сандыгы.
Баары чыгат унутулуп эсинден,
Жакшы адамды баалоо калат элинден.

Аял үчүн эң биринчи балдары,
Эстүү чыкса ал да эне сыймыгы.
Бийиктеги инсандык сапат-наркы,
Таасири чоң, үлгү тура насааттары.

## ААЛАМ СИЗГЕ ТЕҢ ЭМЕС

Кечээки эле беш көкүл кыз эркече,
Айланыптыр бейиш таман энеге.
Бүлөө күтүп, бала сүйүп элжиреп,
Мээриминдей мээрим жоктур тең келе.

Күчтүү жоктур кебелбеген энедей,
Жүктөп алып оор түйшүктү кенебей.
Кыйналса да, кысталса да баарына,
Бала үчүн шарт түзүшөт белендей.

Жүрөктөрүн кармап алып колуна,
Тартуулоого даяр күтүп жолуна.
Энелерим чүрпөсү үчүн түйшөлгөн,
Бекем кысса кубат алат бооруна.

Күнгө теңейм, нурун чачкан ак таңда,
Жазсам ырым көрктүү чыгат саптарда.
Бажырайып, жайнап түнкү жылдыздай,
Толгон айым көрк бергендей асманда.

Асыл жансың тең келээр жок ааламда,
Тең келбестир мөлтүр булак суулар да.
Жытыңызга кызыл-тазыл гүлдөрдүн,
Истери да тең келбестир талаада.

Коңур үнүң теңебеймин булбулга,
Боорукерим азар бербес эч жанга.
Сездирбестен туюмдарын сактаган,
Сыр сандыгын бекемдеген кулпуга.





## САЛАМГА АЛИК

«Арыбаңыз» салам айтуу бизде бар,
«Бар бол балам» алик алган улуулар.
«Амансызбы» жигиттерден селкиге,
Сурашышкан бири менен тең жаштар.

«Шүгүр» айтып, каниет кылып жашоого,
Сабыр тилеп өмүр жолун улоого.
Бала-чака анан мал-жан эсенин,
Эли-жердин тынчын сурап тыңдоого.

Амандашуу жол-жобосу өзүнчө,
Нуктары бар, туура келбейт өзгөрсө.
Каада күткөн аксакалдуу карыя,
Отурганда жаштар берген бүгүлө.

Элечектүү эне алдында мырзалар,
Башын ийкеп көкүрөктө кол даяр.
Атчан жүрсө түшө калып кичүүсү,
Учурашып, элпектенип айтылаар.

Уул баланы таптап коюп далыдан,
Алик алган сүйүп кызын саамайдан.
Той-аштарда көкүрөктө оң колу,
«Амансыздар» баш ийкеген жалпыдан.

«Болсун», «консун», «толсун» жана «буюрсун»,
Каалоо айтса кошуп айтаар сөз ушул.
Аман-эсен жүрүшүңдү билээрге,
Бар болушсун жакындарың тилээрге.

## БАКЫТ

Бакыт деген ушул жашоо турмушум,
Алты саным амандыкта турушум.
Бапыраган балдарым бар ордомдо,
Бактылуулук, үй-бүлөмдү курушум.

Перзентиме мээримимди төгүшүм,
Жүздөрүнөн жылмаюуну көрүшүм.
Камкор болгон түгөйүм бар жанымда,
Түркүк болуп куулу-кучтуу жүрүшүм.

Бир тууганым түгөнбөгөн ырысым,
Көрүп турсам тирек болгон карaанын.
Элим аман, түптүү болсун мекеним,
Тынчтык болсун, керек эмес башканын.

Журтум үчүн ынтымактын тереңи,
Дастаркондо аппак дандын белени.
Жараткандан ушул менин сураарым,
Байлык, мансап мага болбойт кереги.





## БИР ТУУГАНЫМ

Бир тууганым- ажырагыс бир боорум,
Опол тоодой дайым жөлөк болоорум.
Чоң дөөлөттүр бар болгону ордуңар,
Алтын башың аман болсо болгонум.

Ата-энебиз мээриминде торолдук,
Бир короодо, бирге ойноп чоңойдук.
Баргым келет учсак дагы уядан,
Чогуу жүргөн бала кезге кайрадан.

Бирим ата, бирим апа болдуңар,
Бузулбасын, бирге болсун тобуңар.
Жеңелерим эне ордуна энедир,
Жезделерим ар бир үйгө эгедир.

Келин синди, күйөө бала инидир,
Чогулганда баарлашсак бир шириндир.
Уул-кыздарын тарбиялап «ыйыктар»,
Өзүнө эмес, бизге болсун дегендир.

Ата-энебиз түптүү дарак, биз мөмө,
Көгөрсүн деп демди берген күймөнө.
Ар бирибиз тамыр болдук бактарга,
Суу жөнөтүп, бүчүр байлап шактарга .

Куруп алдык өзүбүзчө бирден шаар,
Базар кылып үй толтура күлкү шаң.
Көрбөй калсам сагынаарым, аярым,
Кымбатсыңар бир тууганым, балдарым.

## ЖАНЫБЕГИМ БИР БООРУМ

Бир тууганым Жаныбегим - бир боорум,
Бактылуулук үй-бүлөөңө каалоорум.
Бийиктикке өсө берсин зоболоң,
Даңгыр болсун тилегеним жолдоруң.

Уулуң улап ата жолдо тектеги,
Келечекте тарткан болсун бектерди.
Нарк-насилдүү -чоң, чоңунан энеңди,
Кыздар тартсын, чоңойтушуп беделди.

Аял жакшы, эр жакшысын унутпай,
Макал барын келин тутсун куруттай.
Куттуу үйдү алып жүрүү аялдан,
Көк асмандын көркүн коолдоп чыгарчу,
Баарын жапчу каптаган ак булуттай.

Чеберени жетелеген баба бол,
Улам алга тарта берсин кенен жол.
Төрдө отуруп бата берген жарыя,
Ылайым бол- ак сакалдуу карыя.







## АТА ЖУРТУМ БООРУН АЧЫП КҮТҮНМӨК

*(Илгери үмүт)*

Өлкө ичи баш-аламан чаржайыт
Баш айланган элибизде эмне айып?
Өрдөк көлгө, чаян чөлгө тартмактап,
Көнүмүш иш, кереги жок таң калып.

Ички сырлар билинди го башкага,
Жөнөкөй эл батып турат санаага.
Чондорубуз бөлүшө албай бийликти,
Бөлөктөргө болдук окшойт маскара.

Элиталар эпке келбей ыркырап,
Тоноп бүттү, таланды го быркырап.
Ишеничи акталбаган Кайран эл...
Талаа кезип, чачырады тыркырап.

Жүрөк ыйлайт, жүрөк сыздайт зыркырап,
Ала-Тоо да ыйлагансыйт чыркырап.
Өз кулуну барктабастан алдыртса,
А Мекеним- буулукkансыйт алсырап.

Ичкен ирим, жеп турабыз желимди,
Суук издер баспасын деп жеримди.
Кызыбыз күң, уулдарыбыз кул болуп,
Өз жеримде басынтпайлы ийинди.

Чек коюлуп, той-аштары токтолсо,
Жайнап турган тойканалар бош болсо,
Элдерибиз жумуш менен бант болмок,
Көңүл бурсак фабрика-заводко.

Ата-Журтум кучак жайып сүйүнмөк,
Мигранттар баары кайтса Мекенге.
Тышкы, ички карыздардан кутулсак,
Кандай бакыт- жетишкендик жергемде.







## БИЗДИН АЙЫЛ

*(Ата-энебиз таазим кылган, өткөндөргө бизге окшоп)*

Айылымдын ажарына суктанам,
Жерде жаткан ташына дагы мактанам.
Уул-кызыбыз өсүп, өнүп көбөйсүн,
Биздей болуп туулган жерин даңктаган.

Жашоо, турмуш өтүп келген кезектей,
Жолдор күбө, жаткан- жатат шек бербей.
Нечендеген адамдардын көзү өттү,
Аккан -агат, Тар дарыя кебелбей.

Арпа тектир, күңгөй-тескей, тоолор бийик,
Канчалаган из баспаган буттар тийип.
Ал адамдар убагында бизге окшоп,
Ата-энеге таазим айткан башты ийип.

Биздин айыл кербен өткөн-Жибек жол,
Тарыхыбыз айтып өтсөк болоор том.
Убагында болмок экен эскерсек,
Кор башы жоокер топтоп кураган кол.

Илимдүүнүн, билимдүүнүн түбү бизден,
Окумуштуу кудук казган ийне менен.
Жазуучулар, сүрөтчүлөр эмгек сиңген,
Маданият очогуна сүрөп келген.

Тулпарларды таптаган саяпкерлер,
Канаттуудан бүркүт баккан мүнүшкерлер.
Улакчылар бүт айылымды таанытткан,
Жаштар өстү, түрдүү спорт чеберлер.

Айылым бай, төрт түлүк мал өнүккөн,
Багбандары мөмө-жемиш төгүлткөн.
Ууздары көп, кол өнөрлүү чеберлер,
Колу ширин нан-тамагы тейленээр.

Сөөлөт күткөн ак сакалдуу карыялар,
Насаат айтып, жаштарды жолго салаар.
Түбү бекем, уюткулуу журтумдун,
Улуулугун сактап келген кутуңар.

Намыска бек, ала жүргөн марттыкты,
Төрө пейил-мырза келет уулдары.
Билим менен ала жүргөн тактыкты,
Сулуу жүздүү, шайыр мүнөз кыздары.

Меймандос эл, бардык жактан көрүнгөн,
Таза аба, кыраң толо гүл өскөн.
Улуулардын жолун улай алдыга,
Жаштарыбыз карманалы милдетти,
Татыктуудай келечекке өткөргөн.
Урпактардын аракети ирдентти.





## УЛУТТУ УЯТ КЫЛБАЙЛЫ

*(Аруу болсун алыстагы кыз-келин)*

Кыргызымдын кымча белдүү -сулуусу,
Энелерим ак элечек-улуусу,
Катаал кезде ар тараптан кош колдоп,
Салым кошуп көтөрөлү улутту.

Дүйнө эли бизге көңүл бурган кез,
Билбегендер таанып турат, аны сез.
Уят кылбай болсок дагы кай жерде,
Бардык жактан түздөнөлү, туйгун тез.

Жашоолорун маашыр менен сүргөндөр,
Тийип турат журтубуздун намыска.
Ууру-кески, жеңил этек жүргөндөр,
Мен кыргыздын кызымын деп оозанба!

Эсиңе кел! Урук тууган, ата -эне,
«Акча тап» - деп перзентиңди жектебе.
Кырсык тооруп канча кыздар кор болду,
Назик жанды аруу бойдон бапесте.

Жүдөп жүрсө кызы эгер бирөөнүн,
Коюп келген эркегине күнөөнү.
Кулпуруп кыз чыгып турса үйүнөн,
Багын таап көшөгөсү көгөргөн.

Жаман десек жаман кайра көбөйгөн,
Жакшы десек жаман боюн түзөгөн.

Арына келип кыздарыбыз талаада,
Жолго түшүп, кутулушсун күндүктөн.

Кызга тыюу болуп келген кырк үйдөн,
«Кыздуу үй көрктүү болот» - накыл сөздөн.
Бойго жеткен кызды барктап бир айыл,
Сактап келген жаман сөз, жаман көздөн.

## УЧУК КҮРҮЧ

Таанымал, Учук күрүч айтымынан,
Көп издешет Өзгөн «күрүч» базарынан.
А бирок, чын мекени Сары-Камыш,
Көбү билбейт-Кара-Кулжа аймагынан.

Суу алып Сары-Камыш шалы жерин,
Жер котортту табигаттын бузушуда.
Көчүрүшүп, иштеткен Учук жээгин,
Кара-Кулжа, Тар дарыя кошушуда.

Күнөс жер, нурун төккөн күн шооласы,
Шар аккан азык болгон суу тазасы.
Мээнет менен дыйкан бабам өстүргөн,
Азыкка бай, пайдасы мол дан сапаты.

Даны ирик, даамы таттуу тамшанткан,
Айдап, сээп, колго оруп, анташкан.
«Бренд» күрүч-ондон ашык түр ичинде,
Тез түгөнөт, сатуууга көп чыкпастан.





## БИР КҮНДҮК АЙЫЛ ЭЛЕСИ

Шамал согот тоо аралай эртели кеч,
Таза аба көөдөнүндү аралайт тез.
Бах... чиркин кандай сонун айылдагы,
Болбогондой шаарыбыздын түйшүгү эч.

Башталат тиричилик таң азандан,
Айыл иши күнүмдүк кайталанган.
Уйду кошуп бадага саандан кийин,
Бала жөнөйт, торпок шашып айдаган.

Абам кеткен кетмен алып талаага,
Кургакчылык батып турат санаага.
Жылдагыдай болсо экен түшүм деп,
Тилегени «даны толсо» кырманга.

Эрте жаздан кышка кенен камылга,
Тоют жыйнап, эмгектенип мал-жанга.
Жылдагыдай кыштан семиз чыкса экен,
Зыян болбой, жакшы төлдү алганга.

Энем жөнөйт ак жоолугун байланган
Наркы айылга бешик тойго чакырган.
Чоң энелер бата берет наристеге,
Жигит бол деп бир керекке жараган.

Келин-кесек боорсок, нанын ташыган,
Тамак тартат, кетпеген али табынан.
Буркулдаган чайлар кайнап самоордо,
Ырчылары ырдап бешик ырынан.

Неберелер жолду карап күтүшөт,
Момпосуйдун түрүн берип сүйүнтөт.
Чоң -энем да белек-бечкек жыйнаган,
Үйгө шашат, ал да баарын сагынган.

Кечки оокатка жаят көрүп камылга,
Шайдоот жеңем нанын үзүп тандырдан.
Баары бирдей дасторконго отурду,
Көп күттүрбөй атам келди талаадан.







## ЧЫЧКАНДЫ ЖҮРСӨҢ АРАЛАЙ

Жолката жүргөн жолоочу,
Суктанып карайт тоолорду.
Жерибиз мынча керемет,
Таксамбы мончок седептеп.

Чычкандан баштап арылай,
Жүрөсүң арча аралай.
Табигат уста мынчалык,
Экkенсип катар капырай.

Чокусу асман тиреген,
Кайыңдуу бети чиренген.
Өсүптүр башка дарактар,
Бирине-бири тирелген.

Жыты аңкыйт түрдүү чөптөрдүн,
Исине мурун өрдөттүм.
Сепкенсип коздоп түрлөтүп,
Миң түркүн кылып гүлдөтүп.

Дүрдүйүм жемиш өскөн жер,
Чычырканак, карагат,
Бүлдүркөн жана башкасы,
Жайнаган бышып чар тарап.

Гүлдөрдөн алып азыкты,
Ызылдап учат бал аары.
Ооруга берген шыпааны,
Бал челектин багбаны.

Жылжыта аккан муздак суу,
Тоо бооору аккан булак суу.
Кочуштап ичсең кандырган,
Денеге жагым мүрөк суу.

Шаркырап ылдый суу агат,
Жолоочу жээктеп эс алат.
Балыктын түрү көп экен,
Кайырмак таштап олжо алат.

Тизилген катар ашкана,
Өтөсүң сөссүз даам тата.
Дайын го кыргыз тамагы,
Беш бармак, шорпо, куурдагы.

Эрте-кеч жүргөн шамалы,
Сергитип кармайт адамды.
Өзгөчө күчү бар беле,
Сагынткан ушул жайларды.







## ТООЛОР

Аланабыз тоолор менен курчалган,
Жатышкандай өркөчтүү төө суналган.
Канча кылым жаткандыгын ким билет,
Билген жан жок сыры ичте камтылган.

Тоолор ыйык асман-жерди чапчыган,
Турган турат сендей жоктур катуудан.
Кудайымдын кудуретин карачы,
Тике боордон булак көзөп агызган.

Айтуу кыйын эмнелер бар ичинде,
Өсүп чыгып жетилгендей жердеги.
Чоң-чоң таштар кыналышып тизилген,
Түзүлүшкөн топурактан кээлери.

Багбан чыгып эккен өңдүү даракты,
Суктандырып көз алдырбай каратты.
Жан-жаныбар жашоо кечип күнүмдүк,
Уя салып куштар кагат канатты.

Тоолор жатат түбөлүктүү алдыга,
Эч өзгөрбөйт турпаттары дагы да.
Канча акындар алмашылып ыр жазаар,
Биздей болуп ыр токушуп суктана.

## АЙТЫҢЫЗДАР МААРЕК БОЛСУН КЫРГЫЗ ЭЛИМ

Куттуу болсун Айт майрамың - асыл элим.
Шаңга толуп, гүлдөп турсун - Кыргыз жерим.
Берекеси төгүн-чачын кут даарыган,
Ырыскыбыз бөскөрбөсүн Журтум менин.

Тирүүлүктө болуп турсун ынтымак.
Ар бир бүлөө жашасынчы куруп бак.
Ата-энени дайым чексиз кубанткан,
Чыгып турсун балдар үнү шаңдуурак.

Тойлор болуп, жакшылыктар коштосун.
Мындан ары оору-сыркоо болбосун.
Жараткандан жалбарып мен сураарым,
Жүздөрүү эми тартпаса экен муңайым.

Улуу күнү бата тилеп турамын.
Эл-журтума тынчтык бер деп сурадым.
Эң башкысы бүтүндүгү элимдин,
Ыйык Мекен - өзүңсүң Туу тутаарым.







## ЖАЙЛООДОГУ КУТМАН КҮН

Катар-катар ак боз үйлөр тигилип,
Жайлоо сонун өткөрүшкөн тиргилик.
Боорлорунда арча-кайың көк тиреп,
Мээлүүн согот, абасына шамал жиреп.

Кулундары желелерге байланган,
Тизе бүгүп жеңем бээни бат сааган.
Жумшак бышкан казандагы ак наны,
Эстегенде даамы келип тамшанткан.

Каймагычы-табактагы тартылган,
Куруттар чай үстүндө кургатылган.
Малып жесең ысык бышкан куймак менен,
Кыт-кыт ичсең жаңы бышкан кымыз кенен.

* * *

Сары майда бышырылган мантысы,
Ысык нандан мыкчыманын таттуусу.
Тула очокто казанда эти кайнаган,
Мейман күтөт абам салты карманган.

Ак боз атын чапкыланып алыстан,
Иничегим келет малын кайтарган.
Тосуп чыгып ак жоолукчан келиним,
Үйгө баштайт алы-жайын сураган.

Мына ушундай жайлоодогу ар бир күн,
Уйку тартат-боз үйдөгү айлуу түн.
Күн кылайып, үйдүн ачса түндүгүн,
Куштар сайрайт, каалагандай кутман күн.

## БҮРКҮТ

Айланып аскаларды бүркүт учат,
Асман ээси «мен» дегенсип төмөн карап.
Уясын учтуу зоого орноштуруп,
Көз чаптырып жер үстүнө канат жаят.

Бүркүттөр бир, экиден жумурткалап,
Кыш чилдеде басып чыгып балапандайт.
Балдарын тирүү жандан калкалашып,
Учурушуп, суук түшсө саякаттайт.

Бийиктен сереп салып көздөрү курч,
Качырбай илип алаар ал жырткыч куш.
Түлкү, суурду, кой, эчкини койбогон,
Туйгун бүркүт карышкырды болжогон.

Аңчы чыгып балапанын түнөктөн,
Кармап келип, таптап баккан-мүнөшкөр.
Бүркүт, тайган аң улоодо жардамчы,
Байыртадан барктап келген көчмөндөр.

Тумшугунда кадап коюп томогоосун,
Аң учурда алып салган оодуктоосун.
Айланып учуп жүрүп шукшурулуп,
Билиндирбей колу салат тумчуктуруп.

Аткан октой тик ылдый куушурулуп,
Көздөгөнүн коё бербейт тумшук уруп.
Бир чеңгели басып калса баш жагынан,
Экинчиси апчып басат жанбашынан.





Бир колуна кондуруп алгыр бүркүт,
Көп ичинен билдирген карылуусун.
Бүркүт багып ашырышып мартабасын,
Кушту салып улантышкан эс алуусун.

Таржымалда Хандар атап бир-бирине,
Барктуу тутуп, алгыр куштан тартуу кылган.
Алганына маашырланып меймандары,
Ызаат менен чөкчө алтын соога сунган.

Кийгендери үстүндөгү тон жакшысы,
Сеңселттирип тебетейдин баалуулусу.
Алкынтып тулпар аттын жоргосунан,
Мүнүшкөрлөр сыноо үчүн жолго чыккан.

Арстан, жолборс, куштардын алп карасы,
Эки жактан колдоочусу баатырларды.
Манас, Төштүк уламышта айтылгандай,
Айбаты апкаарыткан душмандарды.

Тайманбаган азаматы эл коруган,
Кыраандарды теңейбиз бүркүттөргө.
Мекен чебин карегиндей бек сактаган,
Элим үчүн- баатырлар көп күйөөргө.

## АЙЫЛЫМДА БААРЫ АРТЫК

Тазалык да, тегиздик да айылда,
Кеңчилик да, теңчилик да айылда.
Шаарымдагы зымыраган көчөдөн,
Айылымдын боз чаңдары артык да.

Салттуулук да, нарктуулук да айылда,
Сулуулук да, улуулук да айылда.
Бийик-бийик көп кабаттуу үйлөрдөн,
Ылай тамдар миң эселеп артык да.

Мартчылык да, барчылык да айылда,
Шайдооттук да, токчулук да айылда.
Зуулдаган тез- тез жүргөн унаадан,
Жоргологон боз тумарым артык да.

Ыймандуу да, ынсаптуу да айылда,
Акылдуу да, сабырдуу да айылда.
Интернеттен күндө уккан сабактан,
Аксакалдын бир насааты артык да.

Береке да, пейизи да айылда,
Такыба да, карыя да айылда.
Ишиң болуп, жол ачылсын дегенге,
Чоң атамдын бир батасы артык да.





## АЙЫЛ ҮЧҮН СОГОТ ЖҮРӨК КЫЛДАРЫ

Колумдагы калем сабым койкондой,
Ойго койбой бийлегенсийт токтобой.
Менден мурун кубангансыйт аралап,
Айылымда мурда-кийин болгондой.

Жаза бергин жетишкенин элимди,
Өзүм окуп жазайынчы черимди.
Аталардын жолун улай из бассын,
Кудук казып, ийне менен билимди.

Оомат жүрсүн айылыма байырлай,
Кармап калуу бизге милдет алдырбай.
Улуулардан жеңелерим, келиндер,
Таза урпакты улап келген тамырлай.

Өсүп келген, өсө бергин айылым,
Алыстаган билет элет кадырын.
Бийик өссө ошол менин алгалоом,
Көз алдымда тоо-таштарым, адырым.

Мен эле эмес, бардык уул-кыздары,
Айыл үчүн согот жүрөк кылдары.
Жакшы деген кабарларды укса экен,
Сүйүнүчтүү болсун бөлгөн сырлары.

## БАЛДАРЫБЫЗ ӨЗГӨ ЖЕРДЕ КАЛЫШПАСЫН

Мекенимде жашоого шарт табылат,
Чет жерлерге кеткендер көп агылат.
Көп акча эмес тапса деле жарымын,
Өз жеринде кенен жүрүп эмгектен,
Билгилечи берекенин бардыгын.

Бала-чака бозорбостон жанында,
Балалык доор сүрсүн силер барында.
Тирүү жетим бирөөлөргө бактырып,
Кар болушту канчалаган жаш балдар,
Таштабачы, келгилечи арыңа.

Заңгыратып үйлөр куруп, мал багып,
Жер иштетип жүргөндөр көп, бак багып.
Бөтөндөрдүн көзүн карап, иштеген,
Өз башыңды басынттырып кор болбой,
Өз жериңде ултан болгун жан багып.

Иштегенге иш толтура билгендерге,
Курулуш жүрүп жатат киргендерге.
Базарлар алды-сатты бардык түрү,
Өнөр жай жеңилинен тигүүчүсү,
Эмгектенгин, жумуш көп бизде деле.

Сагынып ата-энеси күтүп жүрсө,
Өкүнүчтүү кырсык тооруп кайтпаган бар.
Көп адамдын кендирин кесип салды,
Үй-бүлөөдөн ажырап зарлаган бар.





Талыкпаган эмгектен үзүр көрүп,
Жок эмес арасында байыган бар.

Мигранттар Мекениме кайткылачы,
Балдарыңар жаран болуп калбасын.
Унутуп кыргыз деген түптүү улутун,
Тамырларын талкалатып алышпасын.
Өзүбүз үлгү болуп кийинкиге,
Бекемдейли түптөрүн урпактардын.

## АЗДЕКТЕП ТИЛДИ СҮЙӨЛҮ

Тил аздектөө, милдетибиз билгенге,
Тилди сүйүп, урматтоого дилгирле.
Эне тилим канча айтсам да аздык го,
Баркы баасыз, төп келбеген ченимге.

Сыймык менен айталабыз тарыхты,
Өтүмүшүн билбегендер карыпбы?
Кыргыз тилдей тил жоктур ээ байыркы,
Билүү абзел ачып сырдуу сандыкты.

Биз урпактар сүйлөйлү тилди маңыздуу,
Бололучу түп тамырга татыктуу.
Бир сөзүбүз канча маани түшүнтөт,
Кадырын бил, дилди тилге жүгүнтөт.

Кел замандаш улут баркын баалайлы,
Биз айтпасак башка элдер каалайбы.
Биз элдербиз байыртадан калптанган,
Баары иргелип, канат жайып тапталган.

## ЭСКИ МЕКТЕП ЖАШЫЛДАНДЫ ЖАҢЫДАЙ

Айылымда улам жаңы өзгөрүү,
Ар тармактан алга карай өнүгүү.
Айыл чарба, дыйканчылык жагынан,
Баары бирдей иш алып барат өтүмдүү.

Эл агартуу, саламатты сактоодон,
Кызматкердин татыр иши мактоого.
Жаңы идея, чыгып биздин жаштардан,
Жол ачылды жаңы иштерди баштоого.

Муундарыбыз жолду улап из менен,
Элге кызмат көрсөтүүдө күч менен.
Ар тараптан көрктөндүрүп айылды,
Райондо алдыңкы оорун ээлеген.

Жашылданып эски мектеп бак менен,
Отургузду мөмө берээр жемишти.
Чырпык сайса, чынар болуп жетилет,
Багбандарым көчөт түрлөп эгишти.

Мектеп алды кызыл-тазыл гүл өскөн,
Коздук берип көп түрлөргө бөлүнгөн.
Жол четине түбөлүктүн символу,
Жашыл арча катарынан көгөргөн.

Эски мектеп көркко келди жаңыдай,
Жаш келиндер, чоңдор келди калышпай.
Ынтымактын, ырыскынын белгиси,
Жапа тырмак жардам берди жарыштай.





## АЙЫЛ ЫРАХАТЫ

«Кукеррекуук» тургула деп чыңырып,
Таң атпастан короз чыгат кыйкырып.
Сергек турдум күндөгүдөн башкача,
Калыптырмын айыл таңын сагынып.

Шаарды таштап биротоло келсемби,
Ырахатын кыштагымдын сезсемби.
Курактанбы же болдубу убагы,
Шаар чынжырын күчүм менен чечсемби.

Мөөрөп, маарап, малдар чыгып короодон,
Күндөгүдөй айыл шаңын баштоодо.
Мектеп көздөй окуучулар эртелеп,
Бара жатат кечикпөөгө энтелеп.

Тизилишип кол кармашкан бөбөктөр,
Өмүрдөгү эң бир баёо мүнөттөр.
Эжейине карап колун көтөртүп,
Бир, эки деп кириш алды түгөлдөөр.

Ак жоолугун ээке байлап жеңекем,
Келе жатат небересин жетелеп.
«Келдиңерби, жакшы болгон турбайбы»,
Акыл айтат, үй калбасын ээнсиреп.

Короо-жайым ачылганга сүйүнүп,
Кетпесин деп алган өңдүү күйүнүп.
Кайдан чыкты шаарымдын жашоосу,
Тушагандай, илиндирип тогоосу.

## ӨСӨӨР ЭЛ ӨЗҮН СЫЙЛАЙТ

Баш көтөрүп, көкүрөктү керели,
Суктанышып, келсин бизге теңелги.
Нугубузда түз жол менен баралы,
Көз каранды болбогонбуз эзели.

Ишеничтүү алга таштап кадамды,
Багынталы келечекте далайды.
Ынтымактуу жеңиштерге жетишип,
«Мен» дегендер бизге айтсын саламды.

Кыргызсыңбы? кыргыздыгың анықта,
Өз элиңди көтөрүүдөн талыкпа.
Бирибизге жардам колун узатып,
Биргеликте өнүгөбүз жарышта.

Тез тараган маалыматтар заманы,
Коом менен алга карай баралы.
Тоскоолдукту тоготпостон жеңгенбиз,
Кимдигибиз билинсин, жар салалы.

Өсөөр эл өзүн сыйлайт айтылгандай,
Санжыралуу осуятта калтыргандай.
Өзүбүздү-өзүбүз көтөрөлү,
Жүрөгүбүз бирге соксун тартылгандай.



# Турмуш агымдары



## ЖАН ӨБӨГҮ

Жашоо, жашоо-тирүүлүктүн өзүдүр,
Уланучу мурун-кийин көчүдүр.
Кандай өтөт маңдайларга жазылган,
Өзгөртүүгө баглык сенин өзүңдүр.

Өмүр, өмүр, жанга энчи бирөөдүр,
Жараткандан берилген бир өлчөөдүр.
Пенделердин билбегени макулдай,
Табышмактуу, үмүт улаар көксөөдүр.

Үмүт, үмүт-тирүүлүктүн өзөгү,
Түңгүюктан оолактатчу өлчөмү.
Өмүр улап, узактарга кыр ашчу,
Ысык жанды тиреп турган өбөгү.







## КАМБАР АТА ЖИБЕРГЕНБИ ПЕРИСИН

Бул жаныбар тулпарлардан өзгөчө,
Кудай өзү белги коюп көргөзө.
Чуркаганда олоң жалын сеңселтип,
Шамал чиркин ойноткону термелтип.

Эки каптал туташ болгон эндери,
Сыр жаткандай касиеттүү келбети.
Төрт туягы алып учуп чуркаса,
Камбар ата жибергендей перини.

Ой-кыялым чаап жөнөдү алыска,
Жүрөк кылым кошо күүнү черткилеп.
Музыкабы же сыйкырдуу оодабы,
Ак кашканын кадамы бийик арышта..



## БАЛАЛЫГЫМ СААМАЛЫГЫМ

Асманда канат каккан куштар сымал,
Кыялым алып учат алыс жакка.
Жашыбыз бир топ жашка келсе дагы,
Ойлорум серепчилейт бала чакка.

Бактылуу кез ата-энемдин маңдайында,
Бирге өсүп бир туугандар арасында.
Телегейи тегиз беле балалыктын,
Ал учурум бир өмүргө-саамалыктыр.

Ал мезгилдин ар мүнөтү келет эске,
Жашоо ыргагы кесилген го баёо кезде.
Сыйкыры күчтүү беле балалыктын,
Суранамын, аруулуктун күүсү кетпе.

Өмүр сабым улам өйдө жылган сайын,
Куса болуп сагынамын жаштын табын.
Карылыкка моюн сунган кезимде да,
Эстегенде бир «Ах» деп алаарым чын.







## ЫСЫК-КӨЛҮМ САГА ТААЗИМ ЭТЕМИН

Көлдү көрсө эргүү өзү жаралат,
Акын гана асыл ойду жаратат.
Баягы көл баягыдай мелмилдейт,
А адамды өмүр сапар карытат.

Ооба жылдар, жылдар улам алмашат,
Жашоо үчүн күрөш жүрүп арытат.
«Оо мейманым таанып турам» сени деп,
Көргөнүнө таң калыштуу каршы алат.

«Беттериндин нуру бир аз кетиптир,
Турмуш, мезгил өз үлүшүн бериптир.
Баягыдай ойноо кезиң эми жок,
Токтоо тарткан мүнөздөрүң себептир.

Буурул тартып кундуз кара чачтарың,
Агыш тартып, көрдүм бубак басканын.
Шайдоот элең азыр анын бири жок,
Өзгөрүптүр келишимдүү басканың».

Көл ушундай айтып турду шыбырай,
Толкун улам жээкке карайургулай.
Жумшак жели сылап турду жүзүмдү,
Аяганын билгизгендей жашырбай.

Сулуу кыздай көлүм менин мактанып,
Узун чачын тарагандай сыланып.
Табигаттын таш боордугун карачы,
А адамды мезгил менен сынатып.

Келем көлүм, дагы далай келээрмин,
Жүзүм чайып, сага салам берээрмин.
Көргөнүмдө кубат алып өзүңдөн,
Жаштыгыма кайрылгандай сезээрмин.

## КЫРГЫЗЫМДЫН СЫЙМЫКТАРЫ

Эгемендүү 30 жылдык кут болсун,
Алга сүрөөр ийгиликтер коштолсун.
Бийиктерге желбиреген Кызыл туу,
Бириктирип ынтымакка жолдосун.

Кыргызымды дүнүйөгө тааныткан,
Намыска бек жеңилбеген таймаштан.
Кымча белдүү Мээрим менен Айсулуу,
Шыктандырып кыздар өрнөк алуучу.

Тарых өзү өчпөс кылып калтырган,
Сандап чыккан Кожомкулдай балбандар.
Оозго алынган балбан спорт чебери,
Жол көрсөткөн Баямандай устаттар.

Изин бассак жеңишти эч бербейбиз,
Улуу адамдар калтырган салтты жолдой.
Намыска бек эр азамат мырзалар көп
Кыраан бүркүт, алгыр жигит Акжолдой.





## БОЛОТ БОЛОТ

Шооло чачып, нурду берген күн болот,
Ай-жылдызды жаркыраткан түн болот.
Биз китептен жомоктордо окуучу,
Кулдун зайбы айта келсе күң болот.

Жер агартып, жашоо берген таң болот,
Тойдун көркү, кызыктырган шаң болот.
Жайдын күнү жаан жаабастан сапырган,
Боз тарттырып, ным көксөткөн чаң болот.

Жашоо берген агып турган суу болот,
Мекенимдин эркиндиги туу болот.
Ынтымакты ыдыратчуу бир саамда,
Түшүнбөстүк жаратуучу чуу болот.

Бардык нерсе отко түшсө күл болот,
Үлбүрөгөн кездемелер түл болот.
Топоз, бука башын буруп башкарган,
Мурун тешип өткөргөнү чүл болот.

Эркектердин эрктүүсүндө сүр болот,
Сүрөттөрдү коздоп турчуу түр болот.
Кыш аяктап, жаз башында суу жүрүп,
Мөмө берчүү дарактарда бүр болот.

Эл ишенген абройлуу бек болот,
Ата-жото сураштырган тек болот.
Жамандыктын акыбети жөн койбойт,
Оор кылмыштан сакталганы кек болот.

Чөлгө көнүк, тамыр жечү төө болот,
Ат үстүндө, кээде жигит жөө болот.
Кичинекей бөбөктөрдү чочутчу,
Уктатуута чоңдор ыкма «бөө» болот.

Булак суулар куюп турчу көл болот,
Суу чыкпаган аптаптуу жер чөл болот.
Малдын башын көбөйтүүчү төл болсо,
Суугуң ашса кой майынан сөл болот.

Канаттуунун сыйлуу жери төш болот,
Этти бузган жыгач устун дөш болот.
Түштүгүмдүн сөздөрү көп өзгөчө,
Эттин бизче айтылганы «гөш» болот.

Мамиленин бышыктоочу сөз болот,
Адам табын билиндирген көз болот.
Ак пахтадан жип ийрилип токулган,
Зыяны жок таза мата бөз болот.

Кыймыл берип кубаттанткан бел болот,
Кыян каптап, жерди бузган сел болот.
Аяр жүрүп ден соолукту сактагын,
Көз жүрөгү биле жүргүн чел болот.

Көчөт сайып отургузсаң бак болот,
Эл башкарган Хандын ордо так болот.
Жалкоолукту артка таштап, иш кылсаң,
Жолуң болуп, убактыңда чак болот.

Акыл-ойду иштетүүчү баш болот,
Сулуулукту көрсөтүүчү каш болот.





Түрлөрү көп, баалусуда арзаны,
Үй ысытчу көмүр деген таш болот.

Сылык-сыпаа адам сөзү сиз болот,
Ынтымактын бир белгиси биз болот.
Курсак ачса эси-дартың ашкана,
Майга салып баштаганы «чыз» болот.

Учкан куштун пари түшсө пыр болот,
Ашар тоонун учтуу жери кыр болот.
Жакыныңа айтып алсаң жеңилдээр,
Ички туйгу, жашырылган сыр болот.

Дарылыкка колдонуучу бал болот,
Жонуп эксең отун болчу тал болот.
Жигит сүйгөн сулуу кызда кал болсо,
Карыяны одоно айтса чал болот.

Малдын оту көк майсалу чөп болот,
Чоң атанын айткан сөзү төп болот.
Жаза келсем токтобостон кетчүдөй,
«Болотту» мен талдай келсем көп болот.



## ПЕНДЕЛЕР ДА МЕЗГИЛГЕ ОКШОП КАЛСА ЭМНЕ

Мезгил, мезгил алмашасың ирээт менен,
Жылдагыдай милдетиңди өтөп кенен.
Билгенимдей ар биринде керемет бар,
Ысык-суугуң камырабай тартып келген.

Жай мезгили наристедей, жазым-бала,
Күз мезгили токтоо тарта жоомарттана.
Кыш мезгили ак сакалдуу карыядай,
Олбурлуудай, каардуу карап баарына.

Адам ата жаралгандан башталып,
Изин бузбай кезек менен айланып.
А адамдар шүгүр кылып жыл тосконго,
Картайганын сезбегенсип алданып.

Шашпа мезгил өчөшкөндөй алдыга,
Бараар жериң кайталанма, келет кайра.
Пенделер да мезгилге окшоп калса эмне,
Өзгөрүлбөй, айланышып келчүү жайга.





## ЖАШТЫГЫМДЫ ООШТУРАМ БАЛДАРЫМА

Балалык кез кол булгалап ыраактап,
Эбак өткөн, балдарыма жон таптап.
Чакыргансыйт токтоо тартып мүнөзүм,
Күнү тийип, тоо үстүнөн кылактап.

Шайдооттонуп, күчкө толгон билегим,
Тоону омкоруп ийичүүдөй демдерим.
Кийсем кийим, бассам жолум жарашат,
Шаштырбагын, карылык бас илебиң.

Ооштурсам перзентиме өтөөрсүң,
Атты чабып, токтобостон кетээрсиң.
Балдарыма ак эмгектен оомат берип,
Кырчын жаштык аянбастан келээрсиң.

Мезгил менен өз милдетиң аткардың,
Кош дебеймин, бузгум келбейт катарың.
Жаштык сендей жалындаган учурду,
Жазгым келди адашпастан саптарың.

## МЕЙКИНДИК

Асман дейбиз-төбөдө көк мейкиндик,
Асман дейбиз-кенен аалам чексиздик.
Меркурий, Чолпон, Марс, Плутон, дагы бар,
Чагылышкан миң бир сырдуу биримдик.

Жашоо улаган шар түрүндө Жери бар,
Түнү Айы, жарык берчү Күнү бар.
Асман тиктеп, ой жүгүртсөң ааламга,
Бир суктантчу, бир олбурлуу сүрү бар.

Караңгыда асман толо Жылдызды,
Кээде бүркөп туман бетин каптады.
Чартылдатып булут жарып чагылган,
Нөшөрлөтүп төгүп коёт жамгырды.

Тыгыздыгы катмарлардын ар кандай,
Аба ырайын кээде кылат нымдуудай.
Муздак аба кубулуштун өзөгү,
Мезгил менен аппак кар жаап тургудай.

Тирүү жанды багынтуучу күчү бар,
Арбап баарын алаканга салгандай.
Чексиз аалам жалгыз гана түбөлүк,
Баары өзгөрөт, ал өзгөрбөй тургандай.





## ШААРЛАРЫБЫЗ ТЕЗДИК МЕНЕН ӨЗГӨРҮҮДӨ

Шаар курулган көп кабаттуу үйлөрдөн,
Архитектор ченеп, чийген түзүмдөн.
Жапыз-бийик, чоң-кичине көлөмү,
Имараттар ар кандай түс түрлөнгөн.

Тегерек үй бурчтары жок, үч бурчтук,
Асман тиреп мунарасы учу учтук.
Сырткы коздук көрүнгөн чоң айнектүү,
Суктанаарлык өзгөрүшкө биз көндүк.

Үстү кабат кафе, ресторан тамактанчуу,
Кээ биринде суу топтогон жуунучу.
Асты кабат токтотулуп унаалар,
Уюшулган элге керек ыңгайлар.

Бала бакча, театрлар кино койчуу,
Жаштар үчүн клубдар оюн курчуу.
Бардык түрү элге кызмат көрсөткөн,
Чыңдоочу жайлары бар ден соолукту.

Суу аткычтар музыкада бийлеген,
Ак, кызыл, көк жарык берип бирденден.
Тегеректеп караган көп кызыгып,
Коштоп ырдап, үн чыгарат аргенден.

Кыйма-чийме бипилдеген машина,
Адамдар көп каяккадыр шашыла.

Жол четинде жетелешип бара жатат,
Эне-бала жетүү үчүн бакчага.

Түнү жарык, күйүп турат шамдарыбыз,
Жашыл бакта эс алып байырлайбыз.
Интернет айдыңында иштеп жатат,
Тездик менен өнүгүүдө заманыбыз.

## МИҢ КАНИЕТ

Эрте турдум, шүгүр кылдым Кудайга,
Жарык берген, жашоо берген ааламга.
Миң каниет жерим бүтүн, эл аман,
Тынчтыгын бер журтумдун...
Тилеп келем Жараткандан колум суна.

Айланам кооз, куштар сайрап багымда,
Дайым атсын, ушундайча таңым да.
Баалайлычы өзү бакыт, бул жашоо,
Тирүүлүктүн түйшүгү...
Бул да жакшы, ден соолугуң барында.

Келечек ээси болот балдарыбыз,
Тамырлап өсө берсин муундарыбыз.
Качпайлычы эмгектен, тообо дейли,
Гүлдөтөлү өлкөнү...
Баары анык ээлери урпагыбыз.





## ЖАМГЫР ТӨКТҮ БИЛГЕНСИП КЕРЕКТИГИН

Же жамгыр да билди бекен керектигин,
Тазалоого айлананы себептигин.
Дарактар да жуунганга муюгансыйт,
Боюн түзөйт күткөнсүгөн теректерим.

Кайырма:
Жамгыр жаайт дыбыр-дыбыр,
Сүйлөшкөнсүйт шыбыр-шыбыр.
Балким жаанда сырдаштыбы,
Сөзү бүтпөй кыбыр- кыбыр.

Көздү ачырбай жууп турат каректерди,
Жамгыр билип келген чыгар даректерди.
Мен эле эмес баардыгы күткөн сымал,
Тазаласын ак дили үчүн керектерди.

Кайырма:

Жаандан кийин тазаланган абадай,
Жаңыргандай жер көрүнөт чаңдабай.
Ушул жамгыр бир биз үчүн жаагандай,
Ойдо кирди ташта
артка карабай.

Кайырма:

## БИЙИКТИКТЕ ЖЕЛБИРЕСИН ЖЕЛЕГИМ

Бүгүн бизде майрамдардын майрамы,
Желбирей бер Кыргызымдын байрагы.
Баардык улут туу алдында биригип,
Эркиндиктин боло берсин сайраны.
Ынтымакта бийиктикти багынтып,
Кызыл Туубуз көкөлөсүн тактагы.

Күн шооласы нурун төксүн,
Мекенибиз гүлдөп өссүн.
Наристе үнү шаңдуу чыгып,
Элим бейпил жашоо көрсүн.
Берекеси жер жайнаган,
Кыргыз жерим бейиш төрсүң.

Биз ашпаган калбады го кырлары,
Биз билбеген калбады го сырлары.
Баатыр элим туу көтөрүп ураалап,
Тээ кылымда журт түптөгөн жылдары…
Көк асманда көкөлөй бер көгүчкөн,
Ырдайлычы, оболо тынчтык ырлары.





## ӨМҮР СЕН УКУРУГУҢ УЗУН ТАШТА

Өмүр өтөт -жүк жүктөнгөн кербен сымал,
Сапар тартып, артып түркүн тагдырларды.
Жашоо сен суранаарым коштоп жүрчү,
Багынтайын көздөгөн максаттарды.

Жаратканым жарыктыкты берээрде.
Билбегенбиз эмне жазган бешенеге.
А өмүр табышмактап калчагансыйт,
Таш боор карап, көз салбаган кээ бирине.

Жашоо өзү иргеп алат ак-караны,
Ниетке карап орундалаар самаганы.
А өмүр кызыккандай улам карап,
«Өзүң тарт» – деп сынагансыйт арабаны.

Кээ адамга оңой жашоо төгүн-чачын,
Болсо дагы толсун деген байлыктарын.
А өмүр келечегиң сырдуу кармайт,
Өзү тескейт кимде канча жашоо барын.

Жашоо бул өйдө-төмөн толкундоолор,
Тоскоолдук көп басып өтөөр бөксө, тоолор.
Өмүр сен да укуругуң узун ташта,
Орундалсын пендедеги бар каалоолор.

## БИЗ ЗАМАНДЫ, ЗАМАН БИЗДИ СЫНАГАНСЫП

Биз заманды,
А заман - бизге карайт сынагансып,
Азыркыны мурункуга салыштырып.
Адилеттүү, кечиримдүү адамдар жок,
Пенделерге кайдан келген ичи тарлык?

Ач көз болуп баратабыз көңүл тарып,
Мурункудай кең пейилдик болду карып.
Түбүң түшкүр азгыртат го бул дүнүйө,
Айлананы көрө албайбыз көздөр таңык.

Торгою кой үстүнө жумурткалап,
Сыноого салып койду бизди заман.
Токчулук, барчылыкты көтөрө албай,
Барктабастан тебелейт го биздин таман.

Дүрдүйүм тамак жайнайт той-аштарда,
Баары ысырап, чектебестен кеттик аша.
Карап туруп кез-кездерде чочуп кетем,
Кесирлентпе, кабыл болсун Элдик бата.





## БААЛАЙ БИЛСЕК КАНДАЙ СОНУН

Аппак таңды ак маанайда тоскон сонун!
Көңүлүң жай-жакындарың аман болсо.
Үйдө бүлөөң жашоо кечсе ден-соолукта,
Билсең эгер, мындан өткөн бакыт жогун
Шүгүр кылсак Жаратканга андан сонун.

Жаркып чыккан күндү тосуу кандай сонун!
Заманым тынч, Эли-Журтум эсен болсо.
Куунак өмүр-Калк жашаса токчулукта,
Билсең эгер, мындан өткөн бакыт жогун
Кадырлап, баалап билсек андан сонун.

Чүрпөлөрүң ойноп жүрсө күлкү салып,
Туугандар жана дагы курбу-достор.
Таң эрте амандашсак кандай сонун,
Билсең эгер, мындан өткөн бакыт жогун
Ата-энелер сезип турсак андан сонун.

## ЗАМАНДАШЫМ БИЛЕЛИЧИ СЫНООДОБУЗ

Эх адамдар, бул жашоодо биз конокбуз.
Аттиң биз, аны кайдан ойломокбуз.
Жыйнасак да жетпегендей бул көр оокат,
Анан кантип пейлибизди ондомокбуз.

Байлыкты «бакыт» го деп ойлогондон,
Бийликти «түбөлүк» деп болжогондон,
Көбөйдү го бой көтөргөн манчыркообуз,
Оо замандаш билеличи сыноодобуз.

Отурсам ар түрдүүчө ойлор келет.
Оюма учурдагы жашоо себеп.
Тирүүлүк өзүнө алган милдетиндей,
Пенделерин каалагандай тескеп ийет...

Көчө бойлоп бара жатат жүдөө адам,
Илеңдеп араң жүрөт баскан кадам.
Колунда бопбоз баштык салбыраган,
Көздөрүн үмүтсүздүк ээлеп алган...

Бир кезде бул адамда баары болгон.
Эсепсиз толуп-ташкан дүнүйө толгон,
Үйүндө, жумушунда жандап жүрчүү,
Дайыма кызмат кылчуу- «жүгүртмөсү».

Баары түгөл, телегейи тегиз эле.
Айткан иши бачым бүтүп дайын эле.
Чалкалаган өзүнө окшош жоро-жолдош,
Ичкени шарап, сый-урматтын үстүндө эле.





Шөкөттөлгөн салтанаттар жана дагы
кош майрамдар.
Алыстан издебестен душман чыгат
дос жандардан.
Акырындан адаштырган кумар оюн,
Ышкыбоздор чогулушкан тапкан эле, ал өз тобун.

Ортодогу ойнотулган акча - «саман».
Утам менен баарын бирдей сайып салган.
Илгеркилер айтып келген тарбия кеп,
«Мээнетсиз келген дүнүйөң оопалуу» - деп.

«Жеңил келген оокатты жеңем «-деген,
Кумардын «касамдалган» түз анты бар.
Бүлөөсүнөн, мал-мүлкүнөн ажыраткан,
Жашоо сыноо-тагдырларды талкалаган.

Байлыктын баш айланткан күчтүүлүгү,
Адамды жолго салат көп сан түрлүү.
«Арандан» ары-бери жылган моюн,
Кайдан билсин өмүр бою толгоноорун.

Баятан айтып өттүм бир баян кеп.
Тилеп турам үмүт шоола жанса экен деп.
Күндө отурчуу жеринде Ал көрүнбөйт,
Кечиришкен-бүлөөсүнө кайтса экен деп.

Байлыкты «бакыт» го деп ойлогондон,
Бийликти «түбөлүк» деп болжогондон,
Көбөйдү го бой көтөргөн манчыркообуз,
Оо замандаш сабак ал бул сыноодон.

## КУТМАН ТАҢ -ЭЛИМ

Элим оолак болсо экен санаадан.
Баарыңарга тилегеним кутман таң.
Кандай сонун эч капарсыз ойгонуу,
Бейпил жашоо тартууласын Жараткан.

Бала-чака күлкүсүнө кубанткан,
Мээрим кошо ала келсин ушул таң.
Бүт ааламга тамылжыта нур чачкан,
Сыркоолору жоголсунчу күн нурдан.

Каалаганым калкым сага ден соолук.
Дил тазарып, жаңырсын ыйман толуп.
Эч бир адам чекпесе илдет запкысын,
Баалап билдик - жашоо кандай таттуусун.





## АСЫЛ ЭНЕ - ТҮБӨЛҮКТҮҮ ДЕПУТАТ

Коломтого ишенимдүү депутат.
Кудайым берген бизге бир мандат.
Сыймык менен аткарабыз күчүбүз мол,
Перзенттер берет бизге чексиз кайрат.

Ийгиликтин бар башаты - ынтымак.
Корообузда бышып турат мөмө бак.
Насаатчыбыз, колдоочубуз, кеменгер,
Жоктур сенин камкоруңа келээр тең.

Нарк сактаган Энелерде болгон барк.
Салтты кармап, өмүр жолун улантсак.
Кадырман Энелерден алган таалим,
Кыз-келинге болсо деймин -бизден сабак.

## ЖАШООДО БИЗ КААРМАН

Жашоо кино
а адамдар каарман.
Ар түрдүүчө сансыз образ жараткан.
Жашоо өзү иргеп алат канчасын.
Тирүүлүктө жаманын да жакшысын.

Турмуш өзү
бүтпөс сабак берүүчү.
А биз болсо таалим алчуу окуучу.
Үйрөнөбүз тазалыкты, тактыкты.
Жашоо тура бизге өрнөк болуучу.

Тагдыр татаал
адамдын бар жашоосу.
Энчибизге таңууланган тогоосу.
Билүү кыйын, көп экен го бучкагы.
Таанып бүткүс, айтылбаган сырлары.

Өмүр жолу
даңгыр эмес түз болгон.
Оош-кыйыш, каршылыкка бүт толгон.
Аттиң учуп, желбешиктей термелген.
Өмүр өтөт, ачып-жумган көз ирмем.





## АЙЫЛДАШ ЭЖЕ-СИҢДИМ

Аман болсун айылдашым эже-сиңдим,
Айтсам болот пейилинин кеңдиктерин.
Кайда болсо жүрөгүнүн түпкүрүндө,
Тилеп келет эсендигин эли-жердин.

Турмуш жолун улап барган жеринде,
Ысык-суукту багындырган кебелбей.
Эмгектерин журту алган мактоого,
Улуу элдин кызысыңар билгендей.

Таза суу, таза абада бой жеткен,
Ажарлуулар ай-чырайы келишкен.
Айылымдын кыздарына сөз жеткис,
Баскандары ак маралдай керилген.

Сынын бузбайт суйкайышкан эжелер,
Бериптир го сулуулукту ченебей.
Күнөстүү жер Сары-Камыштын кызына,
Табылбастыр чырайына тең келээр.

Ар бириси бир бүлөөнүн тамыры,
Кут ыроолоп бекем болсун чатыры.
Элге кылган кызматынан баар табып,
Мындан дагы бийиктесин кадыры.

## ЖАНЫБАРЫМ ЭРКИН ТООНУН ШУМКАРЫБЫ

Карачы оюн курган азоо атты,
Учаардай күүлөп турат кош канатты.
Талпынат жетемин деп көксөгөнгө,
Жерге тийбей төрт туягын зымыратты.

Убагы экен алкынып күчкө толгон,
Тоскоолдуктан коркпостон тоо томкоргон.
Толуп турат көздөгөнүн бербегендей,
Карылуу жигиттердей ойду омкоргон.

Толуктайт го табийгаттын сулуулугун,
Токтолбостон ырымды мен чубурдум.
Канчалык жазам десем жетпегенсийт,
Тулпар менен тең жүгүрүп миң кубулдум.

Көркөмү ай, жасагандай куйрук-жалы,
Жалтыратып, кубултуп ким таптады.
Жаныбарды караган саяпкер да,
Касиетинен бир өмүрлүк кубат алды.

Же күлүгүм эркин тоонун шумкарыбы,
Эркин жүрүп эреркеп чуркадыбы.
Асыл тукум тандалмалар болуп келген,
Аргымак да мурункусун улантты6ы.





## БИЗ ТООЛУКПУЗ

Биз тоолукпуз ошондуктан мактана алам,
Нукуралуулук - жан дүйнөмдө калыптанган.
Тоолор менен төрт тарабы чиркелишкен,
Туулган жерим сени менен даңктана алам.

Каадабыз бар насаат ала жол улаган,
Тазалыкты бир өмүрлүк тандап алган.
Шар сүйлөгөн, шайыр калкпыз тартынбаган,
Биздин сапат- бирөөгө кек сактабаган.

Өжөр калкпыз билгендерин бербеген,
Ишке ашырган ойлогонун дегдеген.
Эң башкысы касиети жоомарттык,
Баары бирдей кош колдогон берешен.

Кайырма;
Асманымда бүркүт учуп шаңшыган,
Аппак карды чокулары жамынган.
Жигиттерим ат үстүндө ойносо,
Бийкечтерим сулуу ак куу талпынган.

## ЖАШООБУЗДУН ЖАЗЫЛБАГАН МЫЙЗАМДАРЫ

Жазылбаган жашоонун мыйзамдары,
Аткарасың чарасы жок амалдарды.
Жазылсын катаал эмес, жеңилинен,
Пендеге тарттырбасын санааларды.

Жарымы кара болсо, жарымы ак,
Айдын көркүн толуктайт бетинде так.
Билгиниң жыртык-тешик кемтик эмес,
Утурумдук, кармангыныҥ сабыр канаат.

Жок болсо, эмгектенсең эртең болот,
Ийгиликке жетишсеңер көңүл толот.
Тегиз болсун тирүүлүктүн түзүмдөрү,
Андай нерсе жашоонун бир үзүмдөрү.

Тагдыр кескин салбасын сыноолорду,
Көңүлгө кетпес кылып кыроолорду.
«Тоббо» дейли аман болсо жакындарың,
Жараткан орундатаар тандоолорду.

Күн жарыгын чачып келген эрте таңдан,
Күүгүм кирип, баягыдай күн да баткан.
Өзгөрүлгүс, Жаратканды мыйзамыдыр,
Адам дагы өмүргө бир жаралган.





## АР КУРАКТЫН ӨЗҮНЧӨ БИР ДООРУ БАР

Жыл өтсүн, жылдар өтсүн токтобой,
Артты карай адат жылды жоктомой.
Узун өмүр, сүрүү тилек болгон соң,
Карылыкты күтөлүчү болгондой.

Жеткирсинчи таяк кармаар мезгилге,
Жаратканым алып барсын мерчемге.
Ал кездерим өзүнчө бир баалуулук,
Улгайганда кадыр табаар барктуулук.

Балалык кез, орто курак, карылык,
Жашайлычы ар мезгилге табынып.
Артыбызда калтырганга балдар бар,
Керек эмес башка мага байчылык.

Азыркыбыз өзүнчө бир доор тура,
Балалыкка жетпейбиз го кол суна.
Бекерге эмес чүрпөлөргө калтырдык,
Жол улашсын салтты колдоп нукура.

Биз да азыр эрте- кечти ойлонгон,
Бүдөмүктүү ой болбосун кооптонгон.
Өрдү карай шайдооттоно жүрөлү,
Кыялдарга жетеличи болжонгон.

## КЕПТЕР КААНА

Улуулардан кичинемден укканым бар,
Бул дүнүйө-дүнүйөдүр бир кам каана.
Келет адам, кете берээр кезеги жок,
Бул дүнүйө-дүнүйөдүр кептеркана.

Баалайлычы өктөмдүгүн тирүүлүктүн,
Баары жалган, жалган тура күнүмдүгүң.
Байлык, бийлик утурумдук баш оорутма,
Сынап бизге салат тура чүгүлдүгүн.

Сөөгү бекем илгеркилер узак жашап,
Бабаларым арканды узун таштап.
Биз алардай укурукту кармай албай,
Өкүнбөйлү биз билбөөчү сыры кандай?

Сырларыбыз айырмалуу бардыгыдыр,
Пейилдердин кеңдиги эмес тардыгыдыр.
Эң башкысы кендир кескен кайдыгерлик,
Аба-суудан дарыланган же тамактандыр.

Тездик менен өнүгүү адамзатта,
Акыл-эске күч келип баратат да.
Күндө жаңы техника, маалыматтар,
Болгон менен коркунуч жаратат да.

Миң өнүгүп, аалам алга жылган менен,
Теңебеймин, тээ илгерки жашоо кенен.
Ошол нукту кайра асырап, кайтсак кана,
Касиет бар, узак өмүр жашоо берген.





## ЖАШОО УСТАТ

Жашоо устат бардык жактан үйрөтөт,
Жөн жүрсөң да баягыдай күн өтөт.
Жакшы адамдын иштеринен үлгү ал,
Өкүнбөйсүң оң жагынан түрлөнтөт.

Ниетиңди оңдо, дилиң өзү тазарат.
Ийгиликтер ээрчип жүрүп жаралат
Жакын тууган, мүмкүн башка адамга,
Азар бербе, эрте-кечтир кайтарат.

Күлүп жайна, жолотпогун капаны,
Шаңдуу өмүрдүн узак болоор сапары.
Билген адам жанашууга шашылсын,
Мүнөз карма, илингендей капары.

Бүгүнкүң да, эртеңкиң да өзүңдөн,
Сүй, сүйүлгүн баарын жаса көңүлдөн.
Сезим калтыр, сени көрүп суктансын,
Жылуулугуң билингендей жүзүңдөн.

Бул өмүрдүн ачалы биз ажарын,
Кайгы-муңдун сызып ташта катарын.
Мээнет кылып, арыбайлы эмгектен,
Үзүп көрүп, таталычы даамдарын .

## АППАК КАРГА РАХМАТ

Жаап жатат аппак карым себелеп,
Сыртка чыгып күбө болдум эртелеп.
Негедир эске түштү балалык,
Карда оонаган, ойноо кезим эркелеп.

Ошондо кыш ызгаар болчу ушундай,
Ойногондо колдорубуз тоңгону ай...
Кар урушуп бирибизге-бирибиз,
Жыга калып каткырчуубуз моюндай.

Мектеп көздөй алып барчу ничке жол,
Катарынан тизилчүүбүз улап жол.
Поезд сымал улам бирден кошулуп,
Кечикпеске шашылчубуз оолугуп.

Сабак бүтүп үйгө кайткан убактар,
Өзгөчө экен ошол ойноо куразктар.
Көк муштумдай бет чымырап үшүсө,
Тоготпостон кеч кайтчуубуз бүрүшө.

Баары эсте, баары кызык учурум,
Өмүрүмдөгү эстен кеткис тутумум.
Жашарттырдың, сага рахмат айтамын,
Башатына, кайрып барып турумун.





## КӨЛГӨ ТҮШКӨН КӨЛӨКӨ

Сулуу кыздай буралып,
Булуттар жатат суналып.
Суу беттен жүзү чагылып,
Жапжашыл арча, жаткан тоо,
Өздөрүн карайт суктанып.

Бул көрүнүш керемет эмей эмине,
Бийиктен асман көз салат баарын термеле.
Кыпкызыл өңгө бир өңчөй боёп койгондой,
Демейде аппак же карарган сур булут,
Кийиптир көйнөк түшчүүдөй сүрөт коңкондой.

Караган көз суктанып карайт тарта албай,
Сүрөтчүлөр атайын ойлоп тарткандай.
Эргүүлөрүм айланасын кыдырып,
Көл жээгинде көз чаптырып баскандай,
Ырлар токуйт кыялым олжо тапкандай.



## КУШ КЕЛИПСИҢ ЖАҢЫ ЖЫЛ

Декабрь-кыштын айы аяктады,
Коён жылым улагада жакын калды.
Эски жылдын сапары карыганга,
Кетүүгө жыйынтыктап даярданды.

Жаңы жылда жолго коёр максаттар көп,
Бардыгы ишке ашса болоору төп.
Жакшы ниет кыла берсек орундалат,
Аракетти кылалы биз алга сүрөп.

Жолборс жылды узатабыз кайыр кош деп,
Тегеренип келээриңди биз белгилеп.
Тосолучу бузулбастан катарыбыз,
Келгин кийин, кадамыңды жумак шилтеп.

Назик, жумшак коёнек зыяны жок,
Элибиздин болсо экен курсагы ток.
Дүйнө эли ынтымакта бир жашасак,
Жер жүзүндө тынчтык күнү орномок.

Жыл тогошоор күндү утурлап күтөбүз,
Башкача шаң, бирге отуруп бүлөөбүз.
Жаңы жылым бизге берсин ден соолук,
Тынчтык болсо, бейпил турмуш сүрөбүз.





## КЫШКА ЖАЗДЫН НАЗДАНЫШЫ

Бүгүнкү таң укмуштуудай күнүм күлүп,
Асман көкмөк жаздагыдай булут сүрүп.
Айлана да башкачадай кечээкиден,
Эмнегедир адамдар шайдоот жүрүп.

Кыш мезгил ызгаар суугун көрсөткөнгө,
Жүдөдүкбү көптөн мындай көрбөгөнгө.
Кардын калың түшүшү коңур күздө,
Кырман толуп карк болоор түшүмдөргө.

Чатырчадан шиш тарткан тоңгон муздар,
Тып, тып этип тамчылады ылдый кулай.
Шорголоп карлар эрип чорголордон,
Агып жатты жайылып жерди суулай.

Мындай болсо кыш өкүмү жумшардыбы,
Жазым кыштан эртелет деп сурандыбы.
Кычыраган мырзалардай кыш чилдесин,
Эзилтип жазым кыздай буралдыбы.

## ШҮГҮР ДЕЙЛИ

Жашырбаймын, күтөмүн жаз көктөмүн,
Мен да сүйөм жумшак желдин бет өпкөнүн.
Бирок да сумсайгансыйм кетишине,
Кийинки кыш кеткен курак келбешине.

Жаз артынан жай мезгили анан да күз,
Бат-бат өтөт көргөнүңдөй болоор түш.
Төрт мезгилдин бириккени тоголок жыл,
Бир өмүр, бир күүсүдүр черттирген кыл...

Күн өттү, өмүр өттү анысы чын,
Тартуу кылган аманатты өтөйлү тың.
Болбогон араздашуу, таарынышуу,
Кимге керек? Болбоско аракет кыл.

Аалам мейкин, арасында биз бир чымын,
Учса да чарчоосу бат, алган тыным.
Бардыгына шүгүр кылып жашайлычы,
Адамдар сабыр менен басып кылым.





## АШАР

Биздин жашоо болгон экен очор-бачар,
Түшүнүшкөн чакырышса «болот ашар».
Бүтпөгөн иш болбогон ал заманда,
Кол кабышып бүтүрүшкөн бир заматта.

Айыл-апа угушканы бүт келишкен,
Аялдары тамак алып «али» дешкен.
Ак сакалдуу чоң аталар иш башы деп,
«Ак жолтой болсун» дешип баштап берген.

Ашар болгон өзүнчө чоң майрамдай,
Аял, эркек балбан күрөш, аркан тартмай.
Ылай үстү башташып чын таймашты,
Баткак болуп кийимдери, бети-башы.

Кыраан-каткы тизилишип тегереги,
Чоңу да бар, балдар келип ээрчигени.
Жыңалайлак бир-бирине бетке сүртүп,
Ойношкончо саман кошуп тебеленди.

Ынтымак, биримдиктин бир белгиси,
Оюн-зоок, ыр-күлкүлүү шапар тепки.
Ичип-жешип тегерете отурушуп,
Дастаркон толо даамды, бышкан этти.

Эсимде шандуу эле айыл ичи,
Бардыгы бир кишидей биригиши.
Үй салса, чөптү орсо, кой кыркса да,
Ашар менен дароо бүтчүү айыл иши.

## АППАК КАРЫМ

Аппак карым алгач жолу себелеп,
Акка бөлөп тазартканы керемет.
Сагынганбы бетим сүйүп жаап жатты,
Асман карай ойго баттым тереңдеп.

Аппак карым аруулуктун белгиси,
Карсыз кыш -деп окшотпоймун мезгилди.
Аяз киши жасап кардан ойногон,
Биз эскерген балалыктын эрдиги.

Аппак карым сүйүү сенден башталган,
Аруулугуң жан дүйнөмдү башкарган.
Бар байлыгым ыйык туткан үй-бүлөм,
Бак учугун өзүң болдуң карматкан.







## ТАҢКЫ КҮЗ

Амандашып турганга шүгүр дейли,
Кутман таң ырыскысын чачып берди.
Нөшөрлөп сыртта жааган жамгыр дагы,
Кандай бакыт шатырашы жазып черди.

Күн ачык, же бүркөөбү аба ырайы,
Күздүн көркү күн-түндөп жамгыр жаашы.
Ар мезгилдин өзүнчө мыйзамы бар,
Тынччылык болсо болду, тийбейт каары.

Кол чатыр көтөрүшүп ишке шашат,
Жер карашып адамдар аяр басат.
Көөлүктөр да зуулдашып көчөдөгү,
Дөңгөлөгү көлчөк сууну чачыратат.

Дарактар да дүпүйшүп бир ордунда,
Жамгыр төгүп, шамал жүрбөй токтогонда.
Эки-экиден таранчылар пааналашат,
Үндөрү жок, балким күздү жактырышат.

Үй чатырдан түшкөн жамгыр тамчылары,
Чып-чып этип, кошту ырыма ыргактарды.
Калемим да шык алгандай жазып жатты,
Сүйүүлөргө күбө болгон жамгырларды.

## АДАМ АДАМ МЕНЕН АДАМ

Адам -адам менен адам,
Кеменгер ой инсандарды барктаган.
Сөз пири деп кабыл алдым туюмда,
Даражасын бийиктикте сактаган.

Байлык, бийлик, дүнүйөң да бааланбайт,
Сөссүз эле керек эмес атак-даңк.
Эли үчүн кызмат кылган атуулдун,
Калк ичинде көтөрүлгөн кадыр-барк.

Текеберлик, менменсинүү, ачкөздүк,
Ырайымсыз, эки жүздүү, жемкорлук.
Мындай адам адам эмес сөлөкөт,
Эртеңи жок унутулаар бир боштук.

Залкарлар көп, билебиз тарых санат,
Адашпайбыз, өрнөк алсак жолун улап.
Жакшы адамдын ар бир кылган иши сабак,
Биз баралы толуктап жаңы барак.

Адам-адам менен адам,
жакшыларга жанаштыраар,
жамандардан адаштыраар,
маанилүүдүр ар бир кадам.





## ЖАҢЫ МЫЙЗАМ КИМГЕ КАНДАЙ

Ажырашуу алааматы көп болот,
Жетимдерге балдар үйү жык толот.
Мээнет менен бүлөө баккан базарда,
Аялдардын укуктарын ким ойлойт?!

Закон жазбайт бизде алсыз жандарга,
Жаш өспүрүм, энеге, кыз балдарга.
«Өлгөнгө көмгөн» кылган жарабайт,
Аял-кызга сыртка кетүү тамырлайт.

Кепилдик жок болбосуна «суицид»,
Ата-бала ортосунда кетип жик.
Мамлекет үй-бүлөдөн башаталат,
Кандай болду? Ким эмне деп айта алат.

Аял сабап өлтүргөнү көбөйдү,
Наристелер оорулуу бой төрөлдү.
Убал кимге?
кайыр сурайт жаш балдар,
Кимдер оңдойт?..
кара өзгөй ата сөрөйдү.

Уул өспүрүм, жаш кыздары зордолгон,
Айта берсе арман ичте топтолгон.
Азап тарткан бечаранын балдары,
Жэ көрдүңбү бай баласы кордолгон?!

Тачки айдаган балдарды базардагы,
Доор сүрбөстөн жалдангандар талаадагы.

Атакеси камкор болбой, а апасы,
Таштап кеткен башка «этек» кармангány.

Иштеп жүрөт бели катпай кыздарыбыз,
Акча салып, жаңыланган тамдарыбыз.
Эр намыстуу болсо эгер эркегибиз,
Бапестелип каралмак балдарыбыз.

Мыйзам иштейт өздөрүнө -чоңдорго,
Телегейи тегиз жүрөк тоңдорго.
Байкуш эне белди эми бекем буу,
Заман келди өзүңдү-өзүң ойлоорго.

Аял байкуш бардык милдет мойнунда,
«Өйдөлөргө» баары белен сонун да.
Тиргилик деп талаалаган мигранттар,
Жаран болгон-мунусу да оңдур да.

Кыздарыбыз чет элдерде окушсун,
Прогресс-алга карай озушсун.
Окуу, окуу жана окуу заманы,
Билим менен өз укугун коргоосун.

Кыргыз кыздар тээ абалтан күчтүүсүң,
Баатыр кыздар аренага сүңгүдүң.
Айсулуу, Мээрим жана Айпери кызыбыз,
Кыйын - кыздар баарысына үлгүсүң.





## УУРДАЛГАН УБАКЫТ

Чык-чык этип сааттын уруп жебеси,
Секунд сайын алдаганы сен-мени.
Кээ күндөрү бүтөөр ишке шаштырып,
Убакыт да аптыктырат пендени.

Биз билбеппиз, башкалар да билишпей,
Убакытты уурдатабыз кейиштей.
Бардык нерсе утурумдук экенин,
Эсте болсун, жүрөлүчү биз эстей.

Азыр болсо, эртең болбойт бүгүнкүң,
Күндүз эмес кайталанбайт түндөкүң.
Жылдыздар да, Күн да, түнкү Айың да,
Турган турат сен жашаган күндөрүң.

Кыш ызгаарын чачкан менен токтобойт,
Жаз келээрин кыш аякта болжолдойт.
Сызгырылган жай артынан коңур күз,
Кайталанма мезгилдер да жоктолбойт.

Баягы жер, баягы көк асманда,
Аккан суулар, турган тоолор, таштар да.
Келет-кетет өзгөрүлөт адамдар...
Башкалары өзгөрүлбөйт ааламда.

## МЕНМЕНСИНГЕН ТЕРЕКТЕР

Жаш кезимде эгилген жаш чырпыктар,
Баары бирдей тегиз өсүп көгөрүптүр.
Менменсинет өскөнүнө бой тиреп,
Суу жүргүзгөн арыктар да өзгөрбөптүр.

Бутактары күн өткөрбөй күпүйүп,
Тамырынан суу боюна жүгүрүп.
Күндүн ысык аптабына эс алып,
Жаткан өңдүү уктагандай сүзүлүп.

Боюн керип өсүшүптүр асман тирей,
Керилип шыңга бойлуу жигиттердей.
Күрмөлөрүн кымтыланып мырзалардай,
Сүрүн кармап, акырын термелгендей.

Шамал күүлөп жалбырактар шуудурай,
Бийлегенсийт, жан киргенби капырай.
Бутактары жакын өсүп бооруна,
Энесинин кучагында жаткандай.

Катар терек айылымда сакчыдай,
Тизилишип чек кайтарып тургандай.
«Аа келдиңби? Билгем сенин кайтарың»,
Деп акырын көз кыйыгын салгандай.





## АСМАН КЕРЕМЕТИ

Бул керемет, керемет эмей эмине,
Асман толо жылдыз жайнайт себиле.
Бир карасаң тарта албайсың арбалып,
Башкача күч, көз алалбай термеле.

Асман дүйнө, өзүнчө бир сырдуусуң
Изилденип бүтпөгөн көп кырдуусуң.
Бул бир аалам аягы жок, башы жок,
Айы жарык, Күнү ысык нурдуусуң.

Ары-бери соктуруп шамалыңды,
Куштар учуп көтөрөт маанайыңды.
Чартылдатып жаан жаарда чагылганды,
Булуттарга каптаттырдың кабагыңды.

Асман дейбиз көрүнбөгөн боштукту,
Планеталар кичинеден чоңдукту.
Биз билбеген канчалаган заттар бар,
Купуя сыр ачып бүтпөс Космосту.

## АКЫЛУУ КАСАС

Бул жашоонун өзү жыргал баалайлычы,
Шайыр жүрүп, көңүлгө жол табайлычы.
Беш манжабыз тегиз эмес билгениңдей,
Башкалардын баарын бирдей карайлычы.

Баалары чын, өзгөлөрдү кадырлайлы,
Сени дагы өзүндөй сыйлабайбы.
Акылуу касас- тирүүлүктүн мыйзамыдыр,
Унуттурбайт, кайтуучудай жол туталы.

Сага баалык, тууган-урук, дос-жарларың,
Кандай болсо ошол бойдон кабыл алгын.
Мүмкүн андан таалим алчуу сапаты бар,
Ошондуктан өйдөсүнүп кармангагын.

Орой сүйлөп, кыялыңды көрсөтпөгүн,
Түр көрсөтпө алуучудай бар өчтөрүң.
Жасаган мамилең тездеп кайтат,
Эртең келет жооп болуп бил күтпөөрүң.





## ОРОЙ БОЛУП ООРЛОШТУРБА ЖАШООНДУ

Айлананды курчап турса жакын адам,
Боорун ачпай, көз кыйыгын салган жаман.
Дилибизден таза болсок кир сактабай,
Каткырыкты калың салып тамашадан.

Ушундайча мүнөздөр мага таандык,
Эч бир жанга каалабаймын жамандык.
Шар жүргөндүн иши дагы шар жүрөт,
Бүгүнкү күн болбосо, эртең бардык.

Жашоо турмуш эч качан оорлошпосун,
Тилейбиз жараткандан бир ден соолук.
Калганы бүтө берет карманалы,
Сабыр тутуп, жол болбосун кооптоноорлук.

Ар бир адам нарагынан калыпталган,
Ачык мүнөз, же бир сындуу ачылбаган.
Бардык ишин өз мойнуна артып алып,
Кыйналса да башкаларга кайрылбаган.

Турмушунда жолу ачылып оңдой берсин,
Үмүт үзбөй бир өңчөй жеңип келсин.
Калпыс келген кырсыктан Кудай сакта,
Бүгүнкү болбосо да эртең коштоп,
Ийгиликтин кечи жок бере берсин.

## ТОКТОБОГОН КАДАМДАР

Отурам скверьде эс алганча,
Көз чаптырам басып жүргөн ар адамга.
Шашылып, ойлуу таштап кадамдарын,
Максат бирөө- жашоо үчүн убара.

Куш сыяктуу терип жеген насибин,
Башка иште, таштап салган кесибин.
Агым карай заманыбыз салгандай,
Акча табуу, жолун карап ишинин.

Кантсе дагы жашоолору улансын,
Тапкандарын балдары жеп кубансын.
Тынчтык болсо боло берет жолунда,
Булут сүрүп, күн ачылып кылайсын.

Маңдай стол эки кемпир отурат,
Орус улут, бир нерседен кеп урат.
Сереп салсам, күндө чыгат божурап,
Сүйлөшүүсү болгондой дайым адат.

Таягы бар колунда таяп алган,
Үзгүлтүксүз кызмат кылган маяналап.
Бирин-бири карашып бүтпөөчүдөй,
Жаш кездерин эстегендей бирден санап.

Бирөө турат көптөн бери күткөндөй,
Кеткиси жок зарыл ишин бүтүрбөй.
Экөө барат кадамдарын бат шилтеп,
Бири чыйрак, катуу сүйлөйт өктөмдөй.





Балдар жөнөйт сумкаларын асынып,
Кечикпөөгө мектебине шашылып.
Жетеленип ширин бөбөк бакчага,
Сүйүнгөндөй момпосуюн алганга.

## СОЮЗДУН АДАМЫНА ЖАККАН ҮЙЛӨР

Кабат үйлөр каз катардан тизилип,
Канча адамдар улап жатат тиргилик.
Курганына нечендеген жыл болгон,
Көп адамдар кетсе керек үйрүлүп.

Нечендеген жаштар куруп үй-бүлөө,
Наристелер келгенине сүйүнө.
Алмашылып жашашкан кептеркаана,
Ушул сыяк келдим-кеттим бир дүнүйө.

Өмүр жашын жашашышсын карылата,
Тартышпасын ыксыздан кайгы-капа.
Айланасы жашылданып көгөрсүн,
Жашашсын кубанышып күндө шатта.

Көрктү берет дагы эле эски үйлөр,
Элиттенип салынгандар коошпойт түгөл.
Сапат жагы мыктылап салынгандай,
Элес берет Союздун адамдардай.

## ЖАҢЫ КАДАМ

Жаңы мектеп жаңы кадам, жаңы ой,
Эски мектеп турган болсо аты оң.
Мугалимдер жан дил менен балдарга,
Жол көрсөтөт келечекке даңгыр жол.

Ар тараптан билим берип талыкпай,
Коомдо бирге жүрүү үчүн калышпай.
Билим менен өнөр кошо үйрөтүп,
Тарбиялайт турмуш жолго көндүрүп.

Жашылча азык, өстүрүүгө ысык жайлар,
Уюштуруу-бул жаңылык ич жылытаар.
Айыл элин камсыздантып жемиш менен,
Таза тамак, ден соолукка керек кенен.

Планда бар куруугa жаңы ашкана,
Окуу үчүн жеткинчектер жаңы шартта.
Кесиптик билимге да ээ болушат го,
Ашпоздук- заманымда жаңы арена.

Багбанчылык, ашпоздук, тигүүчүлүк,
Устачылык, чачтарач жасалгага.
Бул кесиптер эң керектүү чындыгына,
Талап ушул каражатты табууга.

Эски мектеп короосуна дагы имарат,
Долбоор менен кези келсе бир курулат.
Ушул ойду көпчүлүккө айтаар элем,
Жашообузга, өзүбүздө түзүлмөк шарт.





Калкыбыз камсыздалса баары менен,
Ишканалар ачылса болот кенен.
Жогоруда айтылган кесиптерге,
Жол ачылмак жаштарга бизде белен.

## МАКСАТТУУ ЖАМГЫР

Жаагын жамгыр, дагы жаагын токтобо,
Максатың бар, билгениң бар болжоондо.
Дыйкан бабам күткөндүгүң эске алып,
Дан-эгиндин мол болушун колдооңдо.

Ниетиң ак, тазаладың абаны,
Жууп кеттиң көңүлдөгү капаны.
Мал-жандуунун көксөгөнү ушудур,
Тоют болуп, чөп-чар коюу чыкканы.

Ырас күтөт, арзуулашкан эки жаш,
Бакыт өзү, кол чатырга пааналаш.
Сүйлөшүшүп эки жүрөк дүкүлдөп,
Түбөлүккө жол ачкандай, жакындаш.

Төккүн, төккүн, ак жамгырым төгө бер,
Шамал жүрсө кыялың бар кетем дээр.
Жаш селкидей таарынчактык жагың бар,
Кылыктанмай адат жайкы мезгилдер.

## ЖАМГЫР КЕРЕК АЙЫЛДАРДА БААРЫБЫЗГА

Сыртта жамгыр илхомду келтирүүдө,
Жол ачтым изденүүгө эргүүлөргө.
Табигатты тазалоочу ак жамгырды,
Жазылбаса жол болбойт го кечирүүгө.

Кыялдарым чыксын эгин талааларга,
Жаап жатат калбай эч бир калааларга.
Жердин бетин эндик коюп коздоп турчуу,
Көздөр тоёт түркүн гүлдөр жайнаганга.

Тоолор турат бийикте камырабай,
Алар үчүн көнүм окшойт төгүп жаамай.
Асмандагы кара булут суюлса да,
Кете албастан адатбы, майдаламай.

Күтөбүз жамгыр жаашын айылдарда,
Тособуз суу толтуруп чакаларга.
Жамгыр суунун тазалыгын билгендер бар,
Сыр деле эмес урунабыз чайкаганга.

Жерге сиңип сүйүнөбүз чарбабызга,
Сугарабыз кенен куюп малыбызга.
Билемин шаар жеринде маани бербейт,
Жамгыр керек айылымда баарыбызга.





## ТАНДАМАКМЫН КАЙРА УШУЛ ЖОЛУМДУ

Эгер тагдыр койсо мага бир суроо,
Өзгөртүүнү каалайсыңбы жашоого?
Тандамакмын кайра ушул жолумду,
Сөз бермекмин кайра баштан баштоого.

Түшүндүрүп айтмакчымын себебин,
Ушул турмуш мага кайра керегин.
Калемимди кармаптырмын кечигип,
Моюнга алам кетирипмин чекилик.

Кырдан-кырга канат байлап учуруп,
Балалыктан белги берген бурдуруп.
Түшкө берген аян тура сезбепмин,
Ички туйгум буулукса да туйдуруп.

Талантымды кечиктирип таптадым,
Орто жашта учугумду саптадым.
Ошентсе да түптөндүрүп бергенге,
Ыраазылык, ыраазылык айтамын.

## ЖООМАРТ БОЛГУН ӨМҮР СЕНДЕН СУРАНАМ

Мен өмүрдү барктоо менен сүйүп келем,
Урматтоого татыктуусуң, сыйың белен.
Билүүгө канча аракет кылсам дагы,
Чечүү кыйын, билемин сырың терең.

Кайырма:

Өмүр, өмүр кенен болгун,
Шыдыр болсун алга жолуң.
Тоскоолдукту кенебестен,
Узактарга жайгын торуң.

Тирүү жандын баары сага байланган,
Күңүрт эмес ачык болсун айланаң.
Аманаттыр адамдарды аячы,
Үмүт бергин, бир өмүргө карманган.
К:

Тартуулагын пенделерге өзүңдү,
Ток жашасын, өкүнтпөстөн көңүлдү.
Бактылуулук эң биринчи сендендир,
Жоомарттана убадала сөзүңдү.
К:





## МАЖҮРҮМ ТАЛ

Ийилип жаш келиндей мажүрүм тал,
Талдардын көрктүүсү да, назиги ал.
Коозду гу көргөн жанды суктандырып,
Акын жоктур ыр жазып арнабаган.

Суйкайып, ийменчектүү сулуу кыздай,
Аяр сылап узун чачын тарангандай.
Ак сүйүүсүн тартуулаган жигитке,
Көзүн сүзүп, уялып наздангандай.

Табиятда жаратканга мактангандай,
Шамал согот аярлап жумшаргандай.
Күн желеси арасына аяр кирип,
Шак ичине кирүүдөн тартынгандай .



## ОРОЗОДО КҮНӨӨ КЕТСИН ЖАЛГАШЫП

Алгачкы күн ыйыктардан Рамазан,
Болсунчу биринчиден жаның аман.
Билели суунун баркын жерде аккан,
Ысырапка учуратпай данды тапкан.

Оорундалсын мусулмандар тилектери,
Орозобуз кабыл болсун чын ниеттеги.
Тазалануу, жаңылануу денеде эмес,
Агарсын, кир жоголуп дилдердеги.

Тынчтык болсун, апаат болбой дүйнөдө,
Кыргызстаным алга жылсын гүлдөнө.
Алаканды жаялычы суранып,
Татыктуудай жол туталы өмүргө.

Он күн алга Рамазан алмашып,
Ушул айга жетсем дешип самашып
Аллахымдан өтүнөбүз момундар,
Күнөө кетсин, жакшы менен жалгашып.





## УБАКЫТ САПАР ТАРТАТ ЧАПКЫЛАНЫП

Түштөн ооп бара жатат кечке карай,
Күн да жылып ийиле нуру тарай.
Иш аяктайт, аз калды убакытка,
Бүтөөр менен жөнөшөт үйүн самай.

Түн кирет кечтен кийин күндөгүдөй,
Таң да адат, шашылып күтпөөчүдөй.
Жумушуна жол тартышат эрте менен,
Кайталанма жашоо ыргагы бүтпөөчүдөй.

Убакыт сапар тартат чапкыланып,
Алдыда күткөн бирөө барчыланып.
Жашоону башкарабы тизгин кармап,
А пенделер туйбастан камчыланып .

Тагдыр, турмуш бир-бирине эриш аркак,
Бири -бирин калтырбастан арачалап.
Жүздү бурбай жылмайчы Жаратканым,
Бардыгына бирдей бергин таразалап.

## ТАБЫН ТАПСАҢ БААРЫ ЖАКШЫ

Адамдардын кээ бири болот каардуу,
Албууттанып жини тездир кыш сыяктуу.
Мамилеге так келет, сүйлөшсөң жай,
Аппак кардай, бирок назик эң аярлуу.

Жаздай жумшак, адамдар бар табымдуу,
Ак жол үчүн жолду туткан кайрымдуу.
Чыдабастан орой сүйлөп чырт мүнөз,
Кээ бир кезде иш баштаган жалындуу.

Адамдар бар жанга жакын аптаптуу,
Жайын тапкан, көөнү келсе бир ыктуу.
Сүйгөндөр бар калыстыкты, тактыкты,
Өмүр сүргөн алгылыктуу, татыктуу.

Зарыкканга кыла келген жоомарттык,
Кыялдарды талдай берсем санаттык.
Мейман тоссо берээр ашын таппаган,
Адамдар бар, бак-дөөлөттү кармаган.





## КЫШ БАРКЫ

Кыш кылычын кенен суурук койнунан,
Ызгаар суугун каары менен чачты окшойт.
Кетээрине убактысы келгенде,
Сылык-сыпаа жазга оорун берди окшойт.

Кантсе дагы кыш мезгилдин баркы бар,
Кемине толуп, наристелер талпынган.
Ушул кышта куштун боосун бек кармап,
Канча жаштар турмуш жолго аттанган.

Неберенин жытын искеп мас болуп,
Чоң ата, энелер бар кубанган.
Карыялар алакандан суу ууртап,
Чебереси көбөйгөнгө маарыган.

Кышым кетти бирден жашты узарткан,
Кээ чоңойсо, кээсин кыйла карыткан.
Жыл айланып кыш мезгили келгенде,
Тотугушуп өзгөрүлөт куррактан .

Жазым келди кышты узатып баргын деп,
Сүйүнүшүп күтүшөөрүн белгилеп.
Жер бетинде кыбыраган тирүү жан,
Жашоо улашат ырыскысын терип жеп.

## БИЙИКТЕРГЕ УЧУРУШСУН КӨГҮЧКӨНДҮ

Эрте туруп жасайбыз зияратты,
Намаз окуп ийилип ихластуу.
Алаканды жаябыз көккө карап,
Кечиргин- эгер болсо каталыкты.

Элим аман болсун дейли билгендерге.
Элге берсин кемитпей, анан бизге.
Достук орноп дүйнө эл ортосунда,
Жол улансын алга карай бириккенге.

Тилейбиз сактасын деп апааттардан,
Бейпил турмуш пенделерди саматтырган.
Жамандыктын жүзүн эч көрсөтпөсүн,
Жүрөктөрдүн үшүн алып канаттырган.

О! Жараткан шаңдуу чыгып күлкүлөрү,
Бактылуу өмүр сүрүшсүн бөбөктөрү.
Жер жүзүндө кол кармашкан наристелер,
Асман карай учурушсун көгүчкөндү.












В ОШЕ


МАНАС

























## ЖАЗДА АЙ ДА ЖАЛГЫЗСЫРАЙТ ЖЫЛДЫЗСЫЗ

Түнү ай да жалгызсырайт жылдызсыз,
Кең асман да алар менен кынтыксыз.
Бийик тоолор көрксүз болоор чокусуз,
Карылардын өңү чыкпайт тырышсыз.

Күн да тиет чайыттай нуру менен,
Шамал согоор желип жортуп таңда кенен.
Дарактар да күүгө келип силкинип,
Аваз коштоп бийлегендей түр менен.

Дарыядан суулар агып күрпүлдөп,
Жаз көйнөгүн кийиптир миң бир түрлөп.
Көк шибердүү мелмилдеген талаалар,
Көздүн жоосун алганын сирень гүлдөп.

Бак-дарактар боюн керип бүрдөнөт,
Курт-кумурска оокат ташып жөргөлөп.
Табигаттын эптүүлүгүн карачы,
Ийин чукуп топуракты үймөлөп.

Кубулжутуп куштар сайрап үн салат,
Сүйүүлөрүн үндөштүгү баяндап.
Уяларын салуу үчүн тандашып,
Бутактарды издегендей ыңгайлап.

Кыз жүрөгү согот ылдам түрсүлдөп,
Сүйгөн жигит сөз узаткан өңдөнөт.
Чачын сылап, аяр карай суктанып,
Кымтылашат чапан алдын бүрмөлөп.

## ТЕЛЕГЕЙ

«Телегейи тегиз болсун ылайым»,
Бул батада бардыгы бар ынагын.
Узун өмүр, келечектин кенени,
Бак-таалайдын бешенеге бергени.
Урук-тууган аман болуп жаныңда,
Ата-энеңдин сага берген мээрими.

Тагдыр сага жылмайганы бакытты,
Туура жолду, жашооңдогу сактыкты,
Жолотпостон оош-кыйышын турмуштун,
Тактык менен болсун деген марттыкты.
Издериңе тең келтирбей калтырып,
Жакындатпай пастык менен кастыкты.

Телегей деп ат коюшкан тилек менен,
Башы аман, анан баары керек деген.
Бул ысымды колдонбойбуз азыр неге?
Мезгил келет урмат менен атын берген.
Бул жөн сөз эмес, куту толо ичинде,
«Телегей» де касиет бар тең келбеген.





## МАҢЫЗ

Маңыз десе түшүнөбүз ар кырдуу,
Ширеси деп жемиштердин көп түрдүү.
Же болбосо даамы чыккан тамактын,
Үстүнө сээп коздоо үчүн көк чөптүү.

Май чыгарып иш өтөсө маңыздуу,
Ал билдирет бүтүргөнүн сапаттуу.
Ар бир сөзүн айткан болсо сиңире,
Мугалимдин деңгээлидир татыктуу.

Кесипкөйлөр иш маңызын чыгарып,
Башкаларга үлгү болот суктантып.
Оорбу, жеңил ар жумуштун ээси бар,
Сырын билип алып кеткен улантып.

## АЛТЫН КУРАК

Бул күндөрүм эске келээр али далай,
«Алтын курак»дегим келди наамды атай.
Өмүр жашым өрдү карай жылат улам,
Карылык сен токтой тургун алдастабай.

Күтө тургун, иштерим көп жашырбайм,
Шайдоот жүрөм, сезилемин жакшыдайм,
Уул-кызымды кенен жолго түшүрүү,
Багын бергин, калганын мен талашпайм.

Жашоо бердиң ынтымакты, ырысты,
Бүлөө күттүм бала бердиң, жарымды.
Миң мертеме ыраазычылык билдирем,
Беките албайм, айтам сага сырымды.

Мен ыраазы өтүп жаткан турмушка,
Наразылык болбойт, болсо кылмыш да.
Баарын бердиң алып кетүү өзүмдөн,
Жазам кабак, билген мага калыс да.







## МҮМКҮНЧҮЛҮК

Мүмкүнчүлүк баарыбызга берилген,
Аракетке, алкоо болот Теңирден.
Ар бир нерсе жөн жолукпайт жашоодо,
Ниетти түздө, орундалат чекеден.

Жаштар үчүн кенендик бар түзүлгөн,
Өсүү үчүн мөмө болуп бүчүрдөн.
Билим алуу келечекке жол ачат,
Баары, баары көз каранды өзүңдөн.

Мээнет кылып иштөө үчүн бардык шарт,
Бизнестер бар изденгенге түрдүү кат.
Нан табууга ар бир ишиң маанилүү,
Тартынбастан башын көтөр, болгун март.

Бере берет аракетке берекет,
Дөөлөт күтөөр болсо анда келекет.
Менсингенди Жаратканым жактабайт,
Бөксөрттүрүп алып коюп кемитет.

Акысы жаман бирөөнүкү кызыкпа,
Алсаң болду кыя өткөнүң сызыктан.
Эки эселеп кайра жабыр тартасың,
Бир күн келип чыга албайсың кычыктан.

Бардык нерсе пенделерге бирдейдир,
Тар оорунуң учур келет кеңдейдир.
Аздан келген ырыс кийин тоо болоор,
Көптү азга бир күн келип теңдейтир.

Арыбастыр секин баскан кадамың,
Күтөт сени чындап күйөөр адамың.
Сабыр менен арзууларың орундап,
Нукка түшүп, ийгиликти табаарың.

## БИР ТУУГАН ТҮРК ЭЛИНЕ САБЫР ТИЛЕЙМ

Кутман күн деп куттук айтам баарына,
Тынчтык күнү орносун жер шаарына.
Кырсык тооруп азап тартып турган кез,
Боордошторум тең ортокмун кайгыңа.

Бүткүл дүйнө көңүл айтат кайгырып,
Буул оор күндөр унутулсун сабылып.
Куткаруучу мээнеттери кайтса экен,
Урандыдан тирүү бойдон табылып.

Үн алышып тапты кызын атасы,
Тирүү экен көчкөн бетон арасы.
Ыйлап алган, колун кармап кызынын,
Куткаруучу күтөт кетип айласы.

Үй-бүлөөсү калган уроо астында,
Башын мыкчып, мырза жүрөт кайгыда.
Ата-энем арасында жатат дейт,
Жетим калып бала боздойт тагдыр аа...

Бир туугандар кучакташып сыныкта,
Алаңдашып коркуп жатат кычыкта.





Өзүн эмес иним аман калсын деп,
Мээрим төгүп, аяйт сылап «камыкпа».

Мотурайган наристени эки айлык,
Таап чыгышты, жөжүрөгөн каралдым.
Баштан өөп узатышты колмо-кол,
Жары угулсун кубанычтуу кабардын.

Жыйырма тогуз саат жаткан кичи бөбөк,
Табылганы баарын бирдей сүйүнттү.
Тирүү чыкса кубангандан ыйлашып,
Табыт чыкса мүшкүл түшүп күйүнттү.

Куткарылган кичинеден чоңдору,
Катуу чочуп, жүздөрүндө корккону.
Кыйкырышбайт, наристелер ыйлабайт,
Эки жакты элең карайт болгону.

Казып алсын булуң бурчта калганды,
Кудай өзү сактасынчы балдарды.
Шаар оңолоор, шаңга түшүп кайрадан,
Унутулбайт кайгы башка салганды.

Чөнтөгүндө арнаган таттуусу бар,
Ата ыйлайт, куруп калгыр катуусу ай...
Сезсе дагы ыраа көрбөйт жоготконго,
Чуркап чыкса жедирем деп болжогон го.

Мындай апаат эч бир жерде болбосун,
Жүрөк үшүп, азабынан тоңбосун.
Бейпил турмуш баягыдай уланып,
Жер жүзүндө алга карай жол болсун.

## АКЫҢ ЖОК, ӨМҮРДҮ СЕН ШАШТЫРГАНГА

Сен тооруба пенделерден алыс болгун,
Өчүң барбы, шашылбагын калыс болгун.
Ымыркай бар жаңы келген арууларадан,
Дитиң бурба, ажал болбой көзүң соолгур.

Адамзатты айланбай ыраак кеткин,
Какшатканың жетишет азап бердиң.
Үй-бүлөөдөн ажыратпа жаш балдарды,
Энеси мээрим төгүп эркелетсин.

Апаат берип жер жүзүнө жакындаба,
Акың да жок өмүрдү сен шаштырганга,
Капысынан бүлүк салып ажыраттың,
Эки жаштын арзууларын табышканга.

Ашык кеттиң ооздуругуң бекем карма,
Сен жарыктан ыраак болгун оордук салба.
Бакыт кушун кармаган жубайларды,
Абайла, бөлүп салып зар какшатпа.

Боздотуп ыйга салдың аталарды,
Кыйнадың жетимдетип жаш балдарды.
Жер чапчытып, кан жуткан энелерге,
Салып кеттиң кылымга кайгыларды.

Унут калып аталбай атың өчкүр,
Жер жүзүнөн адашып ордуң көчүр.





Шылтоолоп адамзатка колуң салба,
Жоголгун, түбүң менен из калтырба.

Дүйнө эли алга карай бир бололу,
Суналы бирибизге достук колду,
Түрк туугандар кыйын күнгө кабылганда,
Ар тараптан колдойлу боордоштордү.

Аалам эли биригип элдешели,
Бирге бол деп Жаратындын эскерткени.
Бирибизге-бирибиз камкор болсок,
Тарыбай, пейилдердин кеңейгени.
Адамзаттын өмүрү бийик турат,
Ажал дагы билсинчи жеригенди!



## ЧЫДА БООРУМ СЕНИ ДАГЫ КУТКАРАТ

Бул алаамат үйлөр көчүп кулаган,
Канча адамдар шейит кетип суналган.
Куткарышат аман калган жаранды,
Жетишсе экен сааттар кетти узарган.
Деминди ал, айланайын бир боорум,
Күдөр үзбө, сени дагы табаардан.

Аман калсаң жүрөк согоор үшүгөн,
Эстен кетпей кыйналаарсың күдөөрдөн.
Жакындарың барбы, жокпу билбейсиң,
Дитиң барбас үмүтүңдү үзөөрдөн.
Жалгыз койбойт көрсөтүшөт камкордук,
Элиң турат бөтөн эмес бир боордук.

Түнү-күнү изденишет токтобой,
Үн чыгарат, кантип табат жоктобой.
Аркы-терки кулап түшкөн бетондор,
Минут дагы тек турушпайт бошобой.
Оо Кудай ай, адамдарды табышты,
Үйүлүптүр урандылар тоолордой.

Алып чыкты кичинекей бөбөктү,
Табышышты казып жүрүп бөлөктү.
Бир үй-бүлөө аман тура бүтүндөй,
Жараткандын керемети сүйүнттү.
Куткаруучу калбас үчүн кечигип,
Табуу үчүн шашып жанын үрөттү.



# Жашоо керемети



## ЖАН ДҮЙНӨМ БОЛБО КАПА

Жан дүйнөм болуп турат мага капа,
Калем кармап кагазга ыр жазбасам.
Кудайым бул өнөрдү берсе эгер,
Айып болоор асырап, таптабасам.

Жан дүйнөм болуп турат мага капа,
Дилимдеги толгоомду айта албасам.
Энчиме жазылган бул таберикти,
Бийик кармап, туу тутуп мен барктабасам.

Жан дүйнөм болуп турат мага капа,
Өмүрдүн кызыктыгын биле албасам.
Ата-энем тартуу кылган бул өмүрдү,
Дөөлөткө оροп, аздектеп бага албасам.

Жан дүйнөм болуп турат мага капа,
Перзентимдин баёолугун барктабасам.
Жароокер, камкор болгон балдарымды,
Жаратkандан сактай көр деп сурабасам.

Жан дүйнөм суз, болгонсуйт мага капа,
Бир боорум-бир тууганым унуткарсам.
Тамыр силер, мөмөлөсөм дарак болуп,
Асман силер бапыраган шаарды курсам.

Жан дүйнөм болуп калат мага капа,
Сүйүүнүн ыйыктыгын сезе албасам.
Кудайым энчилеген бул сезимди,
Болбостур аны кастап, сактабасам.





## АКЫНДЫН ДАРАМЕТИ

Улуу өнөрдүн жүгүн артып сөз баккан,
Акыл калчап, таамай айтып сөз тапкан.
Жаштарга арнап үгүт-насаат ырларды,
Жаратманы күчтүү экен бул инсан.

Тынчтык, достук, даңазалап сүйүүнү,
Талыкпастан эмгектенип жүрүүнү.
Мындан дагы гүлдөсүн деп Мекенди,
Кыргыз журтум бейпил өмүр сүрүүнү.

Оюн берген, жазып жатык тил менен,
Окурманга жеткиликтүү баары кенен.
Акындын дарамети ушундадыр,
Сезилген көрөңгөсү ырда белен.



## НАЗАРЫМДА

Ырлар менен таң сүрүлүп аткандай,
Ырлар менен күн да нурун чачкандай.
Нөшөрлөгөн жамгыр төксө токтобой,
Асман бизге ыр жаадырып жаткандай.

Жалбырактар түшсө калкып күздөгү,
Жылдыздардын жымыңдашы түндөгү.
Дарактар да шамал жүрүп ыргалып,
Сыдырым жел, ал да ырдын түрмөгү.

Баба дыйкан молдоп алса түшүмдү,
Кумурскалар ташып майда күкүмдү.
Баарынан да күчтүү сапты жазгандайм,
Айыл үйдөн чыккан кышкы түтүндү.

Аппак карлуу бийик-бийик тоолорду,
Мөңгү суусу ээрип аккан коолорду.
Мени жаз дейт коооздоп гүлдөр жайнаган,
Арча, кайың, бадам өсчү боорлорду.

Төрт мезгилдин айтсам десем сыры көп,
Аалам чексиз, ырдын кени түгөнбөйт.
Эң баалуусу, жазсам бирден төгүлчүү,
Теңдештиргис баёо бөбөк күлкүсү.





## АКЫН ЭЖЕКЕЛЕРИМЕ

Диттеринен ыр айтышат куюлтуп,
Ак кагазга жазасыздар чубуртуп.
Меничи деп шаштыргандай кезекте,
Үлгүргөнүн жазган сымал туюнтуп.

Кандай айтсам сиздер үчүн төп келет,
Ар темада жазасыздар керемет.
Калемдердин учу турат шилтенип,
Токтобостон аалам ырын себелеп.

Мүнөздөрү ыр сабынан билинет,
Жүрөктөрү теңсиздикке тилинет.
Жаш баладай кээ учурда кубанып,
Бөтөндүкүн өз боюна сиңирет.

Тегиздиги баарын жакшы болсо деп,
Тескери эмес, барып оңго консо деп.
Акындын пейилиндей пейил болсо,
Таш боорду да чекесинен бирден кертмек.

Гүлдөр сымал көңүлдөрдүн назиктери,
Жыпар жыттуу аңкыгандай табиттери.
Ак сүйүүнү сиздерчелик сыпаттабас,
Жалындатып алоолонгон сезимдерди.

## БААРЫ БИРДЕЙ МАДАНИЯТ АДАМЫ

Акын, артист искусство адамы,
Окшош эле багыттаган кадамы.
Артист роль эл алдында ойносо,
А акындар сөз тизмектейт ойлоно.

Экөө бирдей кызыкканга кызыктай,
Эргүү берет кызматтарын тартуулай.
Таланттуулар ошондуктан баалуудур,
Ал бир келет «илхом» деген жандуудай.

Баары алынат күнүмдүк жашоолордон,
Ылайык-ыгын карай тандоолордон.
Тасма сымал тегиз бирдей түрмөктөйт,
Жакшысын да жаманын да сүрөттөйт.

Ар бир өнөр өз-өзүнчө маданият,
Сүрөтчү да боёк менен баяндайт.
Тоо-таштарды, асман-жерди, ааламды,
Табияттын көлөкөсүн саймалайт.

Созолонто ыр ырдашкан сахнада,
Композитор, аткаруучу бир маалда.
Акын жазса-ырга салат обонду,
Лириканы күү түрмөктөп торлоду.

Тойканада той жетектейт тамада,
Той ээсинин көңүлүнө жараша.
Ырды ырдап, куудулданып сөз сүйлөп,
Оюн куруп, кызуусу ар тарапта .





Баары бирдей дили таза карачы,
Дүйнө элинде тегиз тура санаты.
Бар өнөрүн элине деп тартуулап,
Көккө карай каккылашат канатты.

## МЭЭРИМДҮҮ ЭЖЕМ ЗУУРАБҮ МАМБЕТОВАГА

Асыл жансыз-мээримдин Ханышасы,
Поэзия экөөбүздү табыштырды.
Акын эжем жүрөгүңүз арууланган,
Жөпжөнөкөй кыялыңыз жакындатты.

Сиз энесиз алпештеген уул-кыздарды,
Өстүргөнсүз жолго салып турмуштагы.
Балдарыңыз мээнетеңиз баалашып,
Аздектешсин учкан кезде канаттары.

Сүйүү жолу - Макарашвили баяныдыр,
Сизде болгон өжөрлүктүн кайратыдыр.
Мендей күткөн, башкалар да жаңы санын,
Баштан өткөн окуяңыз санжырадыр.

Куттуу болсун бүгүнкү майрамыңыз,
Жанган, жансын алоолонгон ааламыңыз.
Таалим алчуу өзүңүздөн көп сабак бар,
Өсө берсин таптаган балдарыңыз.

Өмүр сүрүң узагынан бул жашоонун,
Ден соолукта болуң менин каалоорум.
Талантыңыз баалайбыз бизге өрнөк,
Эмгегиңиз санай келсек болоор түрмөк.

## БҮТ ААЛАМДЫ ТӨРТ САП ЫРГА КАМТЫГАН

Айды, күндү, жылдыз толо асманды,
Океан, көл, аккан деңиз, дайраны,
Бир заматта көз алдынан өткөрөт,
Аска, зоону, мелмилдеген талааны.

Кыргыз-тоолор ажырагыс бир бүтүм,
Кыргыз үчүн куралгандай дүнүйө.
Кулжа, кийик, бугу, бүркүт, улары,
Мекен кылып жашап келген чөйрөдө.

Токой ичи арча, кайың чытырман,
Чоң, кичине байыр алган айланаң.
Арасынан күндүн көзү көрүнбөйт,
Түркүн куштар бак-даракта сайраган.

Мезгил келди жайлоого мал айдаган,
Атчан бала «куррей» леп коюн кайтарган.
Чөкө отуруп, бээни сааган жеңекем,
Айран, сүтүн, бал каймагын камдаган.

Чындыгында айыл ичи керемет,
Жол четинде өскөн терек термелет.
Айдоо айдап, түшүм жыйнап, мал багып,
Мээнеткеч эл, баарын алат белендеп.

Кымкуут болуп шашып жүргөн адамы,
Кыйма-чийме бипилдетет унааны.





Шаардын үстүн кара түтүн каптаган,
Фабрика, завод -иштейт булгап абаны.

Байлыгыбыз-жарык берген ГЭСтерибиз,
Толуп турат казылбаган кендерибиз.
Шымаланган жаштар алга сүрөшөт,
Күчтүү өлкөдө жашаса деп Элдерибиз.

Тармактар көп өз-өзүнчө бир аалам,
Акын жазат жол баштаса бир кадам.
Бүт ааламды төрт сап ырга батырган,
Жүрөгү кең, ою терең бул адам.



## ЭРГҮҮЛӨРҮМ КЫДЫРГЫЛА ААЛАМДЫ

Эргүү келсе мончоктото жазамын,
Тизилгенде моокум ала канамын.
Келсе экен деп кээде өзүм самасам,
Кээде капыс келе калса шашамын.

Ырлар чыгат суурулгандай жүрөктөн,
Жаралган соң оорун табат түнөктөн.
Келе бергин, кыя карап оорутпа,
Канайынчы суу ичирчи мүрөктөн.

Жакшы чыкса маашырланып каламын,
Ийнине жетпей калса капамын.
Ырларым да башын жерге салгандай,
Дагы жаз деп койгон өңдүү талабын.

Ак маржандай тизген болсом ырааттап,
Чоң устадай койсом бекен кынаптап.
Кулпурсаңар менин дилим көрүнөт,
Кыялдарым учкулачы асмандап.

Канат күүлөп кыдыргыла ааламды,
Айтып баргын менден ысык саламды.
Калбасынчы эч бир булуң-бурчтары,
Эргүүлөрүм алып келгин кабарды.





## БУЛБУЛ МАГА СӨГҮНМӨК

Ыр төгөлү жүрөктөрдөн жаралган,
Май куюлуп аккан өңдүү салаадан.
Жыпар жыты кошо искей билинсин,
Гүл терели түрдүүсүнөн талаадан.

Ыр курайлы чыгып бийик кырларга,
Мекенибиз толгон түркүн сырларга.
Чокусунда бубак болуп ойногон,
Булут кошуп ыр токусам торлогон.

Суучул болуп түшсөм деңиз түбүнө,
Токтобостон жазаар элем күнүгө.
Сууда сүзүп кармап алтын балыкты,
Ыр айттырып салмак экем кызыкты.

Космонавттай айга барып конгондо,
Баштамакмын ай тоголок толгондо.
Ыр түрмөгүн кенен чачып жаймакмын,
Жолун улай Саманчынын жолдорго.

Атлантика океанга барсамбы,
Муз бетинен сөз берметин тапсамбы.
Же Сахара чөлүн карай жол улап,
Жашылтантып ыр булагын казсамбы.

Жашыл дүйнө токой өскөн жер экен,
Куштар сайрап билем анык ыр Мекен.
Айбанаттын жөндүүсүнөн жырткыч көп,
Демди берет шыктандырып дары чөп.

Суу эркеси жылжып аккан тоо булак,
Келсем бекен татыганча ыр курап.
Ыйыктыгын карачы болуп күбө,
Сырдуу токой, сөзү бүтпөйт шыбырап .

Кошулуптур сууга барып шар аккан,
Бышыган го таштан-ташка бой урган.
Айтканына караганда поэма,
Оңой бүтпөйт шарпылдагын мен жазсам.

Кооз жайлоого барбай койсом болбостур,
«Куррей» леген мал кайтарган чабандын,
Кишенелеп чөп оттогон тайлардын,
Үнүн укпай ыр куржунум толбостур.

Шарпылдата саанын сааган жеңекем,
Башын кармап кулун салат желеден.
Каймак даамын татытпасам эч окшобойт,
Сүтүн тартып, малын же дейт энекем.

Ызы-чууда ырым жүрүп торолду,
Шаар арасы кайра келип коноору.
Бечелденип ак кол болуп баратат,
Айыл жакта анык күлүк болоору.

Жаза берсем саякатым түгөнбөйт,
Мага маалым аягы эч көрүнбөйт.
Булбул кушка ондой берип жолуксам,
Уланткын деп мени ашатып сөгүнмөк.





## АКЫНДЫГЫМ БИЛЕМ ӨЗҮМ АНЧЕЙИН

Чабалактап ойлор келет кантейин,
Билем өзүм акындыгым анчейин.
Ырлар жазам, аныктыгы таштабайм,
Анча -мынча талант сырын чечейин.

Насаат сөздү баалап келем дем берет,
Умтулууга өбөлгөдүр ал керек.
Ушул жолду мага буюруп салган соң,
Барктаган оң, ырга салып саресеп.

Чыйыр эмес, жол салайын кененинен,
Сүзөөр бекем деңиздин тереңинен.
Жазсам дейм көздөгөнүм чоң чыгарма,
Талпынттырып койбойт го талант деген.

Ар бир күндөр бизге кымбат тартуу экен,
Сөз тизмектеп жар салабыз айтып кенен.
Бар болгула, ак таңдай акындарым,
Төгөлү биз ченебестен ырдан белен.

Жазгыла, жазалычы сүйүнүчтү.
Оолак болсун, болбойлу күйүнүчтүү.
Акындардын жүрөгү назик келет,
Оордук келет, тарта албайт күйүгүчтү.

## КЫЯЛДАРДЫ МИНИП АЛЫП ЧАПКЫЛАЙТ

Шартка карай акын ыры чубалат,
Зилзаланы кимдер карап туралат.
Кырсык болбой, тынчтык жашоо болгондо,
Кубанычтын ыры гана жаңырмак.

Оор кырдаалды жазуу өзү оор келет,
Жазаарыңда колуң дагы титиреп.
Наристенин күлкүсүндөй шаңдыкты,
Жазгын десем шымаланып киришет.

Калем сабым ээ жаа бербей жорголойт,
Жакшы ойго жемден берип торболойт.
Баштап койсом кыйын болот жүгүрүп,
Кыялдарды минип алып токтобойт.

Ниети таза, калемимди билемин,
Ак көңүлсүң кызмат кылуу тилегиң.
Аалам жолун айлансаң да кыдырып,
Сүйүнүчтүү кабар жыйнап келесиң.





## ЫР САЛМАГЫ

Акын жолу оор түйшүкпү, бакытпы?
Билбей келем, бирок таштайм арышты.
Жаза аламбы чоң акындай ырымды,
Үмүт менен жылдырамын карышты.

Чукугандай сөз табышат акындар,
Ал жагынан жок силердей жакындар.
Ыр баштаса келе берет куралып,
Кесиптештер талыбасын басыктар.

Ырдын кени тереңдиги ырастай,
Түгөнбөгөн суу чыгуучу кудуктай.
Ченегенге болсо эгер узунун,
Көп айланмак аалам чегин сызыктай.

Бүт акындын жазган ырын караса,
Жерден айга жетип бармак чамаса.
Ыр салмагын өлчөй алса тараза,
Алтын кени тең келмек го ырларга.

Аруулугун салыштырсак башкага,
Тең келмек аккан мүрөк сууларга.
Ачуусун да таттуулугун бааласак,
Татымдуусу окшош таза балдарга.

## БАГЫНДЫРАТ БАРДЫГЫН

Салам айтып көрүшүүдөн тажабаймын,
Сиздердей акындарды тандаганмын.
Кыялдарды учуруп чар тарапка,
Эргүүлөрдү күтүп ал деп табыштайын.

Кезебиз биз кыдырып ай-ааламды,
Гүлдөр өсчүү кызгалдактуу талааларды.
Кээде чуркап жаш баладай делбелендеп,
Көпөлөккө далбас уруп кармаганы.

Чаптырабыз көздөрдү эч эринбей,
Акыл жагын калчайбыз жеткиликтей.
Акындай жан болбостур мекенчил,
Кызыл туудай көкөлөткөн бийиктей.

Көгүчкөндөй учабыз биз көккө карай,
Тынчтык жолун жер жүзүнө табыштай.
Бизден күчтүү чыкпайт жанга дарыгер,
Мүрөк суудан тараттырган кашыктай.

Мактангандай болбоюн олуядай,
Көрө билген көрөгөч жок акындардай.
Акырындай сынын айтып ырлар менен,
Сынчылар бар күчтүү атабыз Толубайдай.

Акындар ар кесипке ээлик кылган,
Күүлөп алга кош канаты талпынган.
Жер кыртышы түзүлсө зер кендерден,
Туйгулары өтө бийик кеменгер.





## ЭЖЕ-СИҢДИ ЭРГҮҮ МЕНЕН КЫЯЛДАР

Телефондун баскычтары тынбастан,
Ыр баштасам иштеп берет сынбастан.
Баштагыдай калем, кагаз кармабайм,
Ошентсе да салып жүрөм чанбастан.

Кол телефон, кагаз менен калемим,
Алар мага кошо жүргөн эрмегим.
Эргүүлөрүм эже-сиңди ой менен,
Бирге болсо «жайрайт» менин дилдерим.

Ыраазымын кыялдарга жан шерик,
Сыймыктанам силер менен керкейип.
Кезектешип келгендерин карачы,
Буйдактатпай эстүүлүгүн тизилип.

Өздөрү үчүн толтургуча баракты,
Жаза бер деп коюшканын талапты.
Ой-кыялым, эргүүлөрүм суранам,
Баштагыла мен баркталган санатты.



## ЫРЛАРЫМ МАГА КУРБУДАЙ

Мен ырымды, ырлар мени толуктап,
Эки курбу жүрүшкөндөй колтуктап.
Кээде мага жасаганын эп көрөм,
Жалкоолугум койгондугун оздуктап.

Тизмектешип келишкенде оюма,
Калем кармайм шашылгансып колума.
Албайын деп ырларымды таарынтып,
Улам карайм тууралыгын соңунда.

Бөпөлөймүн боорго тарта жакындай,
Сезилишет көзүм карап тургандай.
Калемимден өзөктүү ыр жарата алсам,
Окурмандар тамшанып окушкандай.

Ырлар мага тамырдагы канымдай,
Дем, күч берип алга сүрөйт талыкпай.
Жүрөгүмдүн ар бир соккон согуму,
Кече албаймын, жакын болду жанымдай.







## КАЙРЫКТАРДЫН БОРБОРУ

Көбөйсүн акындарга катарыбыз,
Байсалдуу болсун биздин сапарыбыз.
Ар бирибиз өзүнчө бир дүнүйөбүз,
Өзгөчөдүр жазылган ыр саптарыбыз.

Сөз асылын тизмектеген өзүңдөн,
Ыр төрөлсүн жанга жагым сөзүңдөн.
Аруу келет акындын жан дүйнөсү,
Сезимиңди сезе билген көзүңдөн.

Таланттардын уюткулуу ордосу,
Гүлдөсүнчү кайрыктардын борбору.
Этек-женди кеңейгенче жаялы,
Бели бекем талант болсо болгону.



## БААЛАЙТ ЭЛЕМ ЭҢ КҮЧТҮҮ ДЕП АКЫНДЫ

Эргүү келсе ыр жазышат токтобой,
Эске түшсө коё алышпайт жоктобой.
Байкаганым изги жакшы сапаты,
Тегиз карап, акын жазат сорттобой.

Баалайт элем эң күчтүү деп акынды,
Таппайт экем акындардан жакынды.
Ар тараптан ою мага төп келген,
Сырдашымдай сезем билген баарымды.

Акын жазат жүрөктөгү сөздөрүн,
Таасирленет жашоодогу көргөнүн.
Болуп келген кадыры күч башкага,
Бөтөн жанга ниети түптүз, таптаза.

Сүйүү жазса чоктой ысык илеби,
Күйүт жазса кирген суудай кирдеди.
Наристени жазса кетет элестеп,
Өзү сымал энесинин эркеси.







## БИР КҮҮГӨ ТЕТЕ ӨМҮР

Мезгил, мезгил кандай таш боор немесиң,
Токтотпостон алып учат кемесин.
Суранганда бир аз токтой турсаңчы,
Жылдырбастан кармап сааттын жебесин.

Бул жашоону-жалган жашоо деп коёт,
Айтылгандай өмүр кыска ким тоёт.
Эгер болсок тирүүлүктө аманат,
Асырайлы түркүн түскө биз боёп.

Бала кезиң, орто курак, карылык,
Бүт өмүрүң сызып койгон сызмадай.
Кыл кыякчы күүлөгөнчө бир күүсүн,
Көз алдыңдан өткөрөсүң тасмадай.



## АКЫН ЖАЗСЫН

*(Оорундалсын тилегим)*

Акын жазсын, сүйүнүчтүн ырын жазсын,
Обончулар мукамдуу күүгө салсын.
Мекениме кайтып келген мигранттар,
Иш издешип бөтөн жерге чыгышпасын.

Түркүн-түркүн ырларды акын жазсын,
Саптарында кубанычтын сырын ачсын.
Мекенимде бардык жактан өнүгүү,
Кабарларды таратышып, жар-жар айтсын.

Ачылганын фабрика-заводдордун,
Болбогондой өзгөргөнүн борборлордун.
Шайыр жүргөн адамдар эрте менен,
Жумуш карай, күткөнүн автобустун.

Баягыдай, студент толгон жатакана,
Бош оорун жок, окурман көп китепкана.
Билимге суусап турган студенттер,
Жык толгон, мугалим күткөн аудит каана.

Мойтоңдотуп ээрчиткен бөбөктөрүн,
Шашылып баратканы бала-бакча.
Аппак бантик тагынган эселек кыз,
Кечикпестен баруу керек сабагына.

Айыл ичи шаан-шөкөттүү мурдагыдай,
Дыйкан абам үрөн сепкен, чарчагандай.
Неберелер ойноп жүрөт, курсагы ток,
Айылчылайт чоң энем да алаксыбай.





Көгүлтүр экрандан берет жаңылык,
Агартуу да Мекенимде мактанаарлык.
Окумуштуулар жасаган ачылыштар,
Ылдам темпте бара жатат, бул саамалык.

Азайган кылмыш кылган кылмышкерлер,
Аксакал насаат менен эп келтирген.
Жапа тырмак киришкенбиз өнүгүүгө,
Башчыбыз бар оң жолго жетек берээр.

Ылайым мына ушундай ыр жазалы,
Токтобостон барактарды толтуралы.
Кел замандаш, бир муштумга биригишип,
Келди убакыт, кадамды бир таштайлыЙ.



## КЕЧ ТАПТАЛГАН ТАЛАНТ

Ала-Тоонун чокусундай бийикке,
Чыгуу үчүн ат салышып көрмөкмүн.
Балык сымал океандын түбүнө,
Чыгаарымды билип туруп чөкмөкмүн.

Түнү жылдыз, айдын бетин аралап,
Саякаттап биротоло жүрмөкмүн.
Тоо кырында өскөн көкмөк арчадай,
Жапжаш бойдон көктү мелжеп өсмөкмүн.

Өзгөрүлбөс гүлдүү өскөн талаадай,
Көркүм менен мактанмакмын чалкалай.
Түгөнбөгөн мөңгү суусу сыяктуу,
Чаңкоолорду кетирмекмин кангандай.

Бактуу шакта үнүн созгон булбулдай,
Милдет болмок моокумдарын кандырмай.
Бүркүт сымал канаттарым жайылтып,
Аска-зоодо кырды беттеп учкандай.

Ырды төгүп санжыралап токтолбой,
Нечендерин жаратмакмын болгондой.
Бабалардын баскан изин шыр айтып,
Төкмөкмүн мен, мукактанып бош болбой.

Өзүмдү-өзүм өстүргөндө жетелеп,
Талантымды таптамакмын эртерээк.
Окурманым сүйүп, күтүп ырымды,
Эмгегимди окуу үчүн эңсемек.





Кеч баштадым, жаза аламбы өзгөртө,
Баары демек, баглык экен өзүмө.
Талантымды баалаганда кечикпей,
Жан дүйнөмдө толук болмок дүнүйө.

## БҮТПӨС ТЕМА

Дастан кылып сүйүү күчүн акындар,
Бүтпөс тема аягы жок жазылган.
Балким сүйүү ошон үчүн таттуудур,
Ички сырлар жүрөк өйүп катылган.

Арман толо жетпегенге арзуулар,
Азап болуп агарышы түндөн таң.
Кирпик какпай эстегенде ачышып,
Жүрөк булкуп, бүтпөгөн ой-санаалар.

Үзүлбөгөн күдөрүм илгери үмүт,
Жазылаар деп калбагандай ичте күйүт.
Жүрөк кургур сүйүнүчтөн кубансынчы
Жетишишсин бакытка арзып жүрүп.

## КАЛЕМИМ КЕТТИ АРУУЛАП

*(Бала кез биздин башка эле)*

Биз чоңойгон айылыбыз
Бала кезде башка эле.
Жерде жаткан боз топурак,
Жыңалайлак бассак да,
Мамыктай эле, пахта эле.

Аккан сууну арыктан,
Жата калып иччүүбүз.
Ошондогу ойноок биз,
Жууну үчүн көлчөккө,
Ылай суугa түшчүүбүз.

Уйду айдап бадага,
Кыздар чогуу барчуубуз.
Жамгыр жааса нөшөрлөп,
Бутактуу тал түбүндө,
Далдоолонуп калчуубуз.

Көк тулаңдуу майсанга,
Үй салууга жер чийип,
Бөлмөсү көп үйүм деп,
Коридорун узартып,
Куруу үчүн таш тизип.

Таштан болчуу эмерек,
Катар коюп отургуч.
Жумшак мебель бар эле,





Жерге салган төшөктөр,
Анибыз да таш эле.

Жасачуубуз ылайдан,
Түрдүү-түрдүү нандарды.
Карапада гүл толо,
Таш чыны, таш табакка,
Толтурчуубуз даамдарды.

Колдорго «белек» чөп алып,
Сарпайлар бака жалбырак,
Көтөрүп таштан момпосуй,
Урунуп тууган-карындаш,
Ойноппуз «айылчыламаш».

Куруппуз анда үй-бүлөө,
Бала кез кызык түрдөнө.
Тамагын жасап даярдап,
Иштен чарчап келди деп,
Камкордук көрүп күйөөгө.

Көчөдө кыздар чогулуп,
Ойночубуз «топташты.»
Түнү менен «ак чөлмөк, «
«Салам бермей»кызышты,
Баштачуубуз жарышты.

Ал кездеги жаш балдар,
Баёо элек, тил алчаак.
Мүмкүн бизге сезилет,
Айтып берсем таң берет,
Азыр болоор табышмак.

Айылды жазсам ыр курап,
Жаш чакты кеттим аралап.
Өзүмда эмес калемим,
Дүйнөнү коёт аруулап.

## ЫРДЫН КҮЧҮ

Ырлар менин жан дүйнөмдүн эркеси,
Акырын терметемин жел бешикти.
Силер менен жашоом кызык өткөнсүйт,
Ыргактары күүгө алынып чертилди.

Сөздөр келет сапка карай тизилип,
Шашыламын ыр жазууга тигилип.
Ой-толгоомо миң мертеме ырахмат,
Өзүң менен жазам чийип сиңирип.

Канат күүлөп, оюм түрө аалам кезет,
Мени жаз деп кезектешип арбап келет.
Ай-жылдыздай түнкүсүн асман ээси,
Күн нурундай күндүзү ысык берет.

Касиети өзүнчө бир керемет,
Куштар сайрап, дарак коштоп термелет.
Бардыгынан бешик ыры өзгөчө,
Эне үнүнө бөбөк муюп эркелейт.





## СӨЗ

«Сөз» дегенди айткым келди сөздөр менен,
Өздөрүнөн курап алып ырды белен.
Сөздү чойсоң кете берет жети кабат,
Асманга, жерге дагы жойлоп терең.

Адамдын кубанычы, кайгысы да,
Айтылат таарынычы, сагынчы да.
Келечекке багыт алчуу ой-тилектер,
Өткөн-кеткен эсте калган баарысы да.

Жашоодогу утуштар, жетишкендик,
Арман кылган кемчилик, кетилгендик.
Кээ кездерде ойлогондой боло бербейт,
Жеңиштин каршылыгы жеңилгендик.

Тегиз эмес ар кылдыр колдо манжа,
Тоголоктур келе берет ар бир башка.
Өйдө-ылдый жашоонун мыйзамыдыр,
Көтөрөсүң түшкөндү жоктур арга.

Баарынан керек мага балдарымдын,
Амандыкты, дагы тилейм сактыктарын.
Жаратканым тегиз кылып ак жолдорун,
Тагдырында көрсөтсүн марттыктарын.

Мусулманды жолго салчуу Куран китеп,
Мамлекетти күбөлөнткөн закон тирек.
Туу алдында ырдалуучу Гимнибиз бар,
Эң башкысы улутубуз «кыргыз» делет.

Андай болсо бардыгын сөздөр бийлейт,
Ысым менен адамды сөздөр иргейт.
Жакшы ишиң же болбосо жаман ишиң,
Мактоо айтып, суракты сөздөр тергейт.

## ЭЛДЕШПЕЙМИН ЭЛЕС МЕНЕН

Сүрөт деген ажайып нерсе тура,
Көргөнүңдө оо баштапкы элес бура.
Түшөөрүңдө билбейсиң кийин кандай,
Ой калтырат убакыттык ченем жыла.

Карап-карап өткөн жылдар көз алдыңда,
Сүңгүп кирип жашагандай артка кайра.
Сүрөттөгү эс тутумдар дале эсте,
Жашооң өтөт, тасмалардай чубура.

Балалагың баарынан да баалуу убак,
Сурансаң да билесиң кайтпайт курак.
Ачып алып сүрөттөрдү тобунан,
Маани берип карадым бирден чубап.

Жарышып жылдар менен улам бирден,
Кошулуп жаш жылыптыр койбой ченем.
Тартыптыр нурдуу жүзүм улгайыңкы,
Турса да элдешпеймин элес менен.

Сүрөттөр жөн гана элес эмес,
Эстеликтир, күндөрүң кайра келбес.
Көргөнүңдө улутунуп алаарым чын,
Баргым келет, бирок билем ал чечилбес.



# Арзуу ырлары



## АДАШЫШКАН АРЗУУЛАР

Ырчы жигит ыр арнаган селкиге,
Ойлуу тиктеп обон созот термеле.
Кайрыгында кусалыктын обону,
Тагдырлары салгандайбы сыноону.

Ак сүйүүгө алданган кандай жаман,
Жетпей калган бозойдо толгон арман.
Аздектеп сактап келген арзууларын,
Бир заматта сапырылтып болду саман.

Коштошоордо зыркырады жүрөктөрү,
Таарынычтын жазылбады түрмөктөрү.
Акыркы ирет кыса кармап көкүрөккө,
Эңсеп турду калсак деп түбөлүккө.







## ЭКИ ЖҮРӨК

Токтой турчу, бир аз мага карачы,
Көргөн күндөн жүрөк сени самачу.
Эмнегедир булкуп алып, дүкүлдөйт,
Тоң жүрөгүң жибитчи, сен аячы.

Эки жүрөк жолугаарын күтүшүп,
Мерездиктен кутулсунчу түңүлүп.
Аалам жаркып, орун берсин бурчунан,
Жаркылдашсын, кош жылдыздай күйүшүп.

Сүйүү бийик, кол жетпеген аска зоодой,
Тайгаланбай жетүү керек болбойт оңой.
Тереңдиги чалкып жаткан Ысык-Көлдөй,
Кышында да, жаздай болуп аккан тоңбой.

Ал бир узун, узак болоор жок аягы,
Жете албай, жетем менен бараар жайы.
Аруу, ыйык сактоо керек бапестей,
Морттугу бар, бирикпеген сыныгы.

Аптабы күч, чыдоо керек соолубай,
Суугу ызгаар, туруштук бер тоңдурбай.
Эки жүрөк бирдей согуп жашасын,
Таш боорлукту ташта көңүл оорутпай.

Бирде назик, жыты аңкыган аппак гүл,
Бирде болот каптагандай кара түн.
Мээрим менен жүрүшсүнчү жанашып,
Жылыткандай асмандагы нурлуу күн.

## ЖАЗДЫН ЖЫТЫ

Айланам кооз, бажырайып жерде көктөм,
Бак-дарактар бүчүр байлап гүлүн төккөн.
Теребел да буруксутат жыпар жытты,
Жаздагы жел маңдайымдан сылап өткөн.

Менменсинип кыраңдар да бой көтөргөн,
Арбалгандай кыя албаган көздөрдөн.
Ажайып кооздук кара мелмилдеп,
Кызыл зарлар-кызгалдактуу гүлдөрдөн.

Кызыл көйнөк кыздар гүлдү аралап,
Назиктикке суктангандай чартарап.
Сулууларды алалбайсың айырлап,
Табигат да жараткандай атайылап.

Кыздын жыты, гүлдүн жыты -жаз жыты,
Козгогонсуйт сезимдеги санааны.
Бул керемет коё бербей бозойду,
Баяндалат сүйүүлөрдүн баяны.







## КОШ ЖЫЛДЫЗ

Кош жылдызды биздики деп энчиркеп,
Кыз сүйөнүп далысына эркелеп.
Жигит ою кеткен жылдыз аралап,
Кубаттанып алганына менчиктеп.

Жылдыз учту жогорудан төмөнгө,
Тиленишти орундалсын жөрөлгө.
Асман тиктеп, кыналышкан эки жаш,
Бакка батып балкып турду сүйүүгө.

Айлуу түндө жалгыз гана өздөрү,
Жарык берген ай-жылдыздар күбөсү.
Түбөлүктүү кыналышкан денелер,
Таркабады сагынычтар түптөгү.

Жылдыздардан мен ушуну байкадым,
Бийиктигин сездиришип аткандай.
Алар деле бир-бирине жакындай,
Тартылгандай, ымдашышып жымыңдай.



## СҮЙҮҮ ГҮЛҮ

Мен сүйүүдөн бакыт гүлүн күткөмүн,
Үмүт үзбөй жүрөгүмдөн бүрдөшүн.
Аздектеймин учурбоого шамалга,
Доо кетирбей тамырынын түптөшүн.

Кээде аяймын ысык тийген күндөн да,
Нурдан өзүм ысып-күйүп жүрсөм да .
Караңгыдан бүшүркөбөй көктөсүн,
Айга кошуп, шам жарытам түндө да.

Калкалаймын үшүбө деп ызгаардан,
Күрмөм жаям аяп турам аяздан.
Сүйүү гүлүн чын дилимден тилендим,
Бутактары көбөйүшүн сабактан.







## КҮТӨМ СЕНИ

Күтөм сени, биз жолукчуу бактан күтөм,
Сыйлачуубуз болгон экен сүйүү өктөм.
Бутактары башын ийип ошондогу,
Бизге арнап жамгырлатып гүлүн төккөн.

Күтөм сени, көлгө барып жээктен күтөм,
Кумду басып, жолукмайын боюн түрөм.
Түгөй күткөн ак куу сымал моюн созуп,
Үмүтүмдү үзө албайм, издеп жүрөм.

Күтөм сени, мен сагынган түндө күтөм,
Баягыдай сүйүү балын татып жүрсөм...
Бизди коштоп турушчуу ай-жылдыздар,
Жымыңдашып сүйүнүшчүү, мен да күлсөм.

Күтөм сени, шоола чачкан таңдан күтөм,
Күн нуруна биргеликте биз бөлөнгөн.
Асырайлы аруулукту сезимдеги,
Бапестейли наристедей тун төрөлгөн.



## МҮНӨЗҮДҮР БИР СЫНДУУ

Көлдү жээктеп ойлуу басып,
Келе жатты бир сулуу.
Кимдир бирөө таарынтканбы?
Балким өзү бир сырдуу.

Аягансып жумшак жел да,
Сылап өтөт маңдайын.
Шамал кызга «назданчы» – деп,
Тарайт кундуз чачтарын.

Үстүндөгү аппак көйнөк,
Белде ичке курулуу.
Дериле басса турпаты,
Элестетти ак кууну.

Шамал ойноп серпкилейт,
Колундагы жоолукту.
Көргөн жигит делөөрүп,
Жүрөк булкуп оолукту.

Аста басып аярлап,
Максат кызга жолугуу.
Кол кармашып жүрсөм дейт,
Балким жоктур тосуму.





## ЖАЙДЫМ САГА ТОРУМДУ

Келчи жаным мен өзүңдү сагындым,
Кечиктирсең анда эле таарындым.
Көздөрүңдөн кубанычты көрөйүн,
Мурдагыдай дагы деле барыңмын.

Айдарым жел сылагылайт чачымды,
Баягыдай тозсом деймин таңымды.
Ачык айтпай жашыргандай сырымды,
Ошол күнү карманыпмын назымды.

Билдим эми алыстабайм өзүңдөн,
Оорун берем жүрөгүмдүн төрүнөн.
Тагдыр эми бириктирсин жолумду,
Жайдым сага тузактоого торумду.



## СҮЙҮҮ ИЗДЕРИ

Кеч болсо да эскерилип эски күндөр,
Демек, сүйүү сезимдерден үзбөй күдөр.
Бир өмүр унутулбай ыйык тура,
Жолугушуп сүйлөшүүгө канып мүдөр.

Мен тапкам бакытымды башка адамдан,
А сен куруп үй-бүлөөнү башка жардан.
Тагдыр өзү табышмактуу нерсе тура,
Түз жолдон байкатпастан адаштырган.

Сүйүүнүн изи калып түбөлүккө,
Жазган менен кайып кылып күбөлүккө.
Бере албайсың айры жолго түшсөк дагы,
Унуткар деп буйрукту жүрөктөргө.

Жашыбыз бир топ жашка барса дагы,
Жашап келген өчпөстөн сүйүү тагы.
Биз эми баштагыдай бирикпейбиз,
Нурдуу бойдон ата берсин аруу таңы.





## ТҮШҮН МАГА

Сезимиң мага арнаган,
Өзүңсүң мени тандаган.
Кабылдап койгом сүйүүмдү,
Арзуум бар мени жандаган.

Кайырма:
Сен мени күнөөлөбө,
Бере албаймын буйрукту.
Табышпаган жүрөктөргө,
Таштай албайм укурукту.

Түшүнгүн өзүң мага,
Турмушта ак жол сага.
Түгөйү жүрөгүңдүн,
Жолугат, ээси башка.
К:

Күткүнүң келет бакыт,
Жолугат бир күн шашып.
Аярлап кимдир бирөө,
Жүргөндүр ичке катып.
К:

## ТҮБӨЛҮККӨ МЕНДИК БОЛСОҢ

*(Буюртма менен жазылды)*

Ортолукта бийледи кыз айлана,
Тегеректе карашат эл суктана.
Бүт мүчөсүн коздоп турду кыймылы,
Аяр карайм көпчүлүктөн кызгана.

Узун чачың далы жапкан сеңселтип,
Музыка да эркелетет термелтип.
Көздөр-көзгө урунганда чагылып,
Аба жетпей жүрөк кургур кептелип.

Аппак көйнөк, ай чырайлуу жүзү бар,
Көргөн жанды арбап алчуу түрү бар.
Тийип-тийбей такылдаган такаңдын,
Сезимдерди козгоочудай күчү бар.

Жаш баладай кыпкызыл ээриндери,
Ойго салды козгоп менин делебемди.
Тилеп турдум музыканын токтобошун,
Көңүл бурбайт, балким сезбейт, кенебеди.

Жалт-жалт карап жайнаган жамалыңды,
Унутпастан, эстээрмин караанынды.
Бийчи кызым түбөлүк мендик болсоң,
Издеп жүрүп, билемин табаарымды.





## БААСЫЗ БАКЫТ

Сүйүү, сүйүү сезимдердин бейиши,
Кубанычтын, таарынычтын тизими.
Сени аяп, барктап турса тапканың,
Баасыз бакыт андан жоктур ширини.

Мен жашоодо өзүң менен бүтүнмүн,
Келет менин сени гана күтүнгүм.
Туйгусу күч аруу болгон арзуумду,
Ээси өзүңсүң айттырбастан түшүнгүн.

Жалгыз болдуң жүрөгүмө от жаккан,
Узак жүрүп жолоочудай жол тапкан.
Алдым эми өз боюма сиңирип,
Тартуусусуң тагдырымдын бир баскан.

Жанымдан карыш жылсаң сагынаарым,
Жалындаган аптабыңа табынаарым.
Түбөлүк мендик болдуң адашпагын.
Ак сүйүүм деп жамалыңа жалынаарым.



## СЫНОО

Бара жатты сейил бактан,
Кыз-жигиттер бирге баскан.
Жүздөрүнөн билип турдум,
Көпкө жүрбөй артка кайткан.

Кайырма:
Болгон чыгаар сүйүүлөрү,
Ачылгандай гүл бүрлөрү.
Болгон чыгаар тилектери,
Бекем куруу үй-бүлөөнү.

Мөлтүр көзү улам жашыйт,
Жигит токтоп көзүн аарчыйт.
Ичтеринен уйгу-туйгу,
Жүрөк кургур муңга батып.
К:

Ак сүйүүдөн кече албай,
Кыйын болду ажырашмай.
Бек кучактап кысып турду,
Коштошоордо бөлүнө албай.
К:

Ким болду экен эки жашка,
Түрткү болгон адашууга.
Бул сыноодон кайтса экен,
Тагдыр жолу бир болууга.
К:





## МАЗМУНУ

**Мекеним алтын бешигим, ата-энем ырыс кешигим ........ 5**
УЛУУЛАРЫМ УЛУГУМ ........ 6
УЛУУЛАР ТҮЗГӨН УСТАВ ........ 7
АПАМ ҮЧҮН ДААНА СӨЗДҮ ЖАЗА АЛАМБЫ ........ 8
АЯЛДАРДЫН ТУЙГУНУ ЭЛЕ ЧОҢ ЭНЕМ ........ 11
ООДАРЫПТЫР ООМАТТЫ АРДАКТУУ АБЖЕМ АПТАПКА ........ 15
ДАРЫ БОЛГОН ДАК СУУ МЕНЕН ТОПУРАК ........ 17
ӨЗГӨРТПӨЙМҮН КАЙРЫЛСАМ ........ 19
Т.КАЗАКОВДУН «БҮРКҮТ» ЫРЫНА ТААСИРЛЕНҮҮ ........ 20
ХОР АЙТЧУБУЗ КЕЛМЕНИ ........ 22
ЫСЫРАПТЫН ЖАЙЫ ЖАХАННАМ ........ 24
ӨЗГӨЧӨ ЭЛЕ ЧОҢ ЭНЕМДИН ТАМАГЫ ........ 25
КУТТУК АЙТАМ НУРЗИЯМА ........ 27
ЖАНЫМ КЫЗЫМ МЫРЗАЙЫМЫМ ........ 28
АТА-ЭНЕҢДЕЙ БАТА БЕРГИН БАЛАҢА ........ 29
КЕҢЕШБЕГИМ АТА УУЛ БОЛ ЖОЛ УЛАГАН ........ 30
АПАКЕМДИН БЕШ МОНЧОГУ ........ 31
КАДЫР ТАПСАК КАРЫЛЫКТАН ........ 32
УЛУУ ЭЛ ........ 33
АЛИ ЭСИМДЕ ЧОҢ ЭНЕМ «СОБОП» АЙТКАНЫ ........ 34
ЖЭЭНИМ МИТАЛИПКЕ КЕҢЕШ ........ 35
ЧОҢ ЭНЕ ЖАНА КУЗ ........ 36
ЧОҢ АПАЛАР ........ 37
ДӨӨЛӨТ КАЙРА БАЙЫРЛАСЫН ҮЙҮМДҮ ........ 38
ЭНЕ АСТЫНДА ЖҮРҮШ КЫЛАМ БАСЫҢКЫ ........ 40
ТҮП ТАЭНЕМДИН ТАРТСАМ ЭКЕН ЧЕКЕСИН ........ 41
ААЛАМ СИЗГЕ ТЕҢ ЭМЕС ........ 42
САЛАМГА АЛИК ........ 43
БАКЫТ ........ 44
БИР ТУУГАНЫМ ........ 45
Жаныбегим бир боорум ........ 46
АТА ЖУРТУМ БООРУН АЧЫП КҮТҮНМӨК ........ 47

БИЗДИН АЙЫЛ ........ 49
УЛУТТУ УЯТ КЫЛБАЙЛЫ ........ 51
УЧУК КҮРҮЧ ........ 52
БИР КҮНДҮК АЙЫЛ ЭЛЕСИ ........ 53
ЧЫЧКАНДЫ ЖҮРСӨҢ АРАЛАЙ ........ 55
ТООЛОР ........ 57
Айтыңыздар маарек болсун Кыргыз элим ........ 58
ЖАЙЛООДОГУ КУТМАН КҮН ........ 59
БҮРКҮТ ........ 60
АЙЫЛЫМДА БААРЫ АРТЫК ........ 62
АЙЫЛ ҮЧҮН СОГОТ ЖҮРӨК КЫЛДАРЫ ........ 63
БАЛДАРЫБЫЗ ӨЗГӨ ЖЕРДЕ КАЛЫШПАСЫН ........ 64
АЗДЕКТЕП ТИЛДИ СҮЙӨЛҮ ........ 65
ЭСКИ МЕКТЕП ЖАШЫЛДАНДЫ ЖАҢЫДАЙ ........ 66
АЙЫЛ ЫРАХАТЫ ........ 67
ӨСӨӨР ЭЛ ӨЗҮН СЫЙЛАЙТ ........ 68

**Турмуш агымдары ........ 69**
ЖАН ӨБӨГҮ ........ 70
КАМБАР АТА ЖИБЕРГЕНБИ ПЕРИСИН ........ 71
БАЛАЛЫГЫМ СААМАЛЫГЫМ ........ 72
ЫСЫК-КӨЛҮМ САГА ТААЗИМ ЭТЕМИН ........ 73
КЫРГЫЗЫМДЫН СЫЙМЫКТАРЫ ........ 74
БОЛОТ БОЛОТ ........ 75
ПЕНДЕЛЕР ДА МЕЗГИЛГЕ ОКШОП КАЛСА ЭМНЕ ........ 78
ЖАШТЫГЫМДЫ ООШТУРАМ БАЛДАРЫМА ........ 79
МЕЙКИНДИК ........ 80
ШААРЛАРЫБЫЗ ТЕЗДИК МЕНЕН ӨЗГӨРҮҮДӨ ........ 81
МИҢ КАНИЕТ ........ 82
ЖАМГЫР ТӨКТҮ БИЛГЕНСИП КЕРЕКТИГИН ........ 83
БИЙИКТИКТЕ ЖЕЛБИРЕСИН ЖЕЛЕГИМ ........ 84
ӨМҮР СЕН УКУРУГУҢ УЗУН ТАШТА ........ 85
БИЗ ЗАМАНДЫ, ЗАМАН БИЗДИ СЫНАГАНСЫП ........ 86
БААЛАЙ БИЛСЕК КАНДАЙ СОНУН ........ 87
ЗАМАНДАШЫМ БИЛЕЛИЧИ СЫНООДОБУЗ ........ 88





Кутман таң -Элим ........ 90
АСЫЛ ЭНЕ - ТҮБӨЛҮКТҮҮ ДЕПУТАТ ........ 91
Жашоодо биз каарман ........ 92
АЙЫЛДАШ ЭЖЕ-СИҢДИМ ........ 93
ЖАНЫБАРЫМ ЭРКИН ТООНУН ШУМКАРЫБЫ ........ 94
БИЗ ТООЛУКПУЗ ........ 95
ЖАШООБУЗДУН ЖАЗЫЛБАГАН МЫЙЗАМДАРЫ ........ 96
АР КУРАКТЫН ӨЗҮНЧӨ БИР ДООРУ БАР ........ 97
КЕПТЕР КААНА ........ 98
ЖАШОО УСТАТ ........ 99
АППАК КАРГА РАХМАТ ........ 100
КӨЛГӨ ТҮШКӨН КӨЛӨКӨ ........ 101
КУШ КЕЛИПСИҢ ЖАҢЫ ЖЫЛ ........ 102
КЫШКА ЖАЗДЫН НАЗДАНЫШЫ ........ 103
ШҮГҮР ДЕЙЛИ ........ 104
АШАР ........ 105
АППАК КАРЫМ ........ 106
ТАҢКЫ КҮЗ ........ 107
АДАМ АДАМ МЕНЕН АДАМ ........ 108
ЖАҢЫ МЫЙЗАМ КИМГЕ КАНДАЙ ........ 109
УУРДАЛГАН УБАКЫТ ........ 111
МЕНМЕНСИНГЕН ТЕРЕКТЕР ........ 112
АСМАН КЕРЕМЕТИ ........ 113
АКЫЛУУ КАСАС ........ 114
ОРОЙ БОЛУП ООРЛОШТУРБА ЖАШООНДУ ........ 115
ТОКТОБОГОН КАДАМДАР ........ 116
СОЮЗДУН АДАМЫНА ЖАККАН ҮЙЛӨР ........ 117
ЖАҢЫ КАДАМ ........ 118
МАКСАТТУУ ЖАМГЫР ........ 119
ЖАМГЫР КЕРЕК АЙЫЛДАРДА БААРЫБЫЗГА ........ 120
ТАНДАМАКМЫН КАЙРА УШУЛ ЖОЛУМДУ ........ 121
ЖООМАРТ БОЛГУН ӨМҮР СЕНДЕН СУРАНАМ ........ 122
МАЖҮРҮМ ТАЛ ........ 123
ОРОЗОДО КҮНӨӨ КЕТСИН ЖАЛГАШЫП ........ 124
УБАКЫТ САПАР ТАРТАТ ЧАПКЫЛАНЫП ........ 125

ТАБЫН ТАПСАҢ БААРЫ ЖАКШЫ .......... 126
КЫШ БАРКЫ .......... 127
БИЙИКТЕРГЕ УЧУРУШСУН КӨГҮЧКӨНДҮ .......... 128
ЖАЗДА АЙ ДА ЖАЛГЫЗСЫРАЙТ ЖЫЛДЫЗСЫЗ .......... 129
ТЕЛЕГЕЙ .......... 130
МАҢЫЗ .......... 131
АЛТЫН КУРАК .......... 132
МҮМКҮНЧҮЛҮК .......... 133
БИР ТУУГАН ТҮРК ЭЛИНЕ САБЫР ТИЛЕЙМ .......... 134
АКЫҢ ЖОК, ӨМҮРДҮ СЕН ШАШТЫРГАНГА .......... 136
ЧЫДА БООРУМ СЕНИ ДАГЫ КУТКАРАТ .......... 138

**Жашоо керемети .......... 139**
ЖАН ДҮЙНӨМ БОЛБО КАПА .......... 140
АКЫНДЫН ДАРАМЕТИ .......... 141
НАЗАРЫМДА .......... 142
АКЫН ЭЖЕКЕЛЕРИМЕ .......... 143
БААРЫ БИРДЕЙ МАДАНИЯТ АДАМЫ .......... 144
МЭЭРИМДҮҮ ЭЖЕМ ЗУУРАБҮ МАМБЕТОВАГА .......... 145
БҮТ ААЛАМДЫ ТӨРТ САП ЫРГА КАМТЫГАН .......... 146
ЭРГҮҮЛӨРҮМ КЫДЫРГЫЛА ААЛАМДЫ .......... 148
БУЛБУЛ МАГА СӨГҮНМӨК .......... 149
АКЫНДЫГЫМ БИЛЕМ ӨЗҮМ АНЧЕЙИН .......... 151
КЫЯЛДАРДЫ МИНИП АЛЫП ЧАПКЫЛАЙТ .......... 152
ЫР САЛМАГЫ .......... 153
БАГЫНДЫРАТ БАРДЫГЫН .......... 154
ЭЖЕ-СИНДИ ЭРГҮҮ МЕНЕН КЫЯЛДАР .......... 155
ЫРЛАРЫМ МАГА КУРБУДАЙ .......... 156
КАЙРЫКТАРДЫН БОРБОРУ .......... 157
БААЛАЙТ ЭЛЕМ ЭҢ КҮЧТҮҮ ДЕП АКЫНДЫ .......... 158
БИР КҮҮГӨ ТЕТЕ ӨМҮР .......... 159
АКЫН ЖАЗСЫН .......... 160
КЕЧ ТАПТАЛГАН ТАЛАНТ .......... 162
БҮТПӨС ТЕМА .......... 163
КАЛЕМИМ КЕТТИ АРУУЛАП .......... 164





ЫРДЫН КҮЧҮ .......... 166
СӨЗ .......... 167
ЭЛДЕШПЕЙМИН ЭЛЕС МЕНЕН .......... 168

**Арзуу ырлары .......... 169**
АДАШЫШКАН АРЗУУЛАР .......... 170
ЭКИ ЖҮРӨК .......... 171
ЖАЗДЫН ЖЫТЫ .......... 172
КОШ ЖЫЛДЫЗ .......... 173
СҮЙҮҮ ГҮЛҮ .......... 174
КҮТӨМ СЕНИ .......... 175
МҮНӨЗҮДҮР БИР СЫНДУУ .......... 176
ЖАЙДЫМ САГА ТОРУМДУ .......... 177
СҮЙҮҮ ИЗДЕРИ .......... 178
ТҮШҮН МАГА .......... 179
ТҮБӨЛҮККӨ МЕНДИК БОЛСОҢ .......... 180
БААСЫЗ БАКЫТ .......... 181
СЫНОО .......... 182

**Бактыгүл Машаева**

**УЛУУЛАРЫМ УЛУГУМ**

*Ырлар*

*Редактору* З. Маметова
*Корректору* К. Маматова
*Компьютерде калыптоочу* М. Кадыров

Кагаздын форматы 60x84 $^{1}/_{16}$.
Офсет кагазы. Көлөмү 11,75 басма табак.
Нускасы 500 даана.

«MirAs print» басмасы.
Бишкек ш., А. Абдумомунов к., 193.



Биз жашайбыз улууларга түзөлүп,
Демек алар устат тура түбөлүк.
Тегиз эмес, оош-кыйыш жолдор көп,
Жүрүү керек сөз тийгизбей түзөлүп.

Биздин дагы ата-энебиз түпкүсү,
Перзентибиз жүзүбүздүн күзгүсү.
Деп уланат укум-тукум тереңдеп,
Эзелтеден териштирген «тегиң» деп.

Акыл сөзү, насааттары жүйөлүү,
Баары сабак, жүрөктөргө түйөлү.
Тагдыр жолдун татаалдары оолак бол,
Келечекке коё көрбө күнөөнү.